// МУНИЦИПАЛИТЕТ
жана АДК

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | СЕНТЯБРЬ 2017 | **№ 9 (70) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**Айылдык ден соолук комитеттеринин жеткиликтүү үнү. "АДК үнү" Долбоорунун кыскача жыйынтыктары**

"АДК үнү" Долбооруна кандай зарылчылык болгон? .......... 2

АДКнын ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүүсү: алгачкы кадамдар жана бири-бирин таанып билүү .......... 4

АДКнын ЖӨБ менен өз алдынча иштөөгө өтүүсү: "Менин аймагым – саламаттыктагы аймак" жергиликтүү саясаты .......... 4

Ийгиликтүү тажрыйба өлкөдө жайылууда .......... 7

Башкаруунун бардык деңгээлдери камтылган шарттарда социалдык отчеттуулук натыйжалуу болот .......... 9

**Көңүл чордонунда "Отчеттуулук"**

"Социалдык отчеттуулук" деген эмне? .......... 10

"Жарандар – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши" жубунда отчеттуулук .......... 12

"Жарандар – аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" жубунда отчеттуулук .......... 15

Саламаттык сактоо системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапаты тууралуу маалыматты төмөндөн жогору карай берүү механизми: жергиликтүү жамааттан улуттук деңгээлге карай .......... 20

**Мониторинг жана баалоо**

Калктын АДКга болгон ишеними өсүү .......... 23

**Ийгиликтин таржымалы**

Таштанды маселеси аутсорсинг менен чечилүүдө .......... 27

Кочкор айылдык аймагынын Исакеев айылындагы АДК: кызматташуу жакшы келечекке ишенимди арттырат .......... 29

Он бир-Жылга айылдык аймагынын Маданият айылындагы АДК: АДК үнүнө баары кулак төшөйт .......... 30

Ыраазычылык .......... 31

*"Муниципалитет" журналынын бул саны "Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги" Долбоорунун алкагында даярдалды. Каржылоо: Дүйнөлүк банкка караштуу "Социалдык отчеттуулук боюнча глобалдык өнөктөштүк" Тресттик фонду (СОГӨ). Аткаруучулар: Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ, www.dpi.kg) жана "Кыргызстан Айылдык ден соолук комитеттери" Ассоциациясы (КАДК Ассоциациясы). СОГӨ – донорлордон, өкмөттөрдөн жана жарандык коом уюмдарынан турган коалиция. Анын аракеттери калк менен жакшыртылган кайтарым байланыш жана анын чечим кабыл алуу процессине катышуусу үчүн шарттарды түзүү максатында потенциалды жогорулатуу жолу менен өнүгүү жаатындагы жыйынтыктарды жакшыртууга багытталган. Бул мындай глобалдык деңгээлде коммерциялык эмес уюмдар менен иштөө боюнча бүгүнкү күндө Дүйнөлүк банктын жалгыз демилгеси. Бул демилге глобалдык деңгээлде КЭУ потенциалын жогорулатуу аркылуу отчеттуулук принциптерин илгерилетүүгө багытталган. Мындан ары журналда жерди үнөмдөө максатында аталган долбоор кыскача "АДК үнү" Долбоору деп аталат.*

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Айнура Джунушалиева***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.
Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**

# Айылдык ден соолук комитеттеринин жеткиликтүү үнү.

## "АДК үнү" Долбоорунун кыскача жыйынтыктары



**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,** "АДК үнү" Долбоорунун менеджери

"Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргызстандагы элеттик жамааттардын саламаттык детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги" Долбоору 2014-жылы башталган. Долбоор Өнүктүрүү саясат институту менен "Кыргызстан Айылдык ден соолук комитеттери" Ассоциациясынын биргелешкен иши болуп калды. Бул Долбоор Дүйнөлүк банкка караштуу "Социалдык отчеттуулук боюнча глобалдык өнөктөштүк" Трасттык фондунун (СОГӨ) колдоосу менен жүзөгө ашырылууда.

"АДК үнү" Долбоорунун 2014-жылдын июнь айынан 2017-жылдын сентябрь айына чейинки иши Кыргыз Республикасынын Айылдык ден соолук комитеттеринин (АДК) потенциалын жогорулатууга багытталган. АДК – бир айылдын же анын бир бөлүгүнүн деңгээлинде иш алып барган чакан жамааттык уюмдар. АДК элеттик жамааттарга өз саламаттыгынын абалын жакшыртуу үчүн өз алдынча иш алып барууга мүмкүнчүлүк берүү максатын көздөйт. Бул кеңири тарамга республика боюнча 1600дөн ашуун айылдык ден соолук комитеттери кирет, алар улуттук Айылдык ден соолук комитеттеринин ассоциациясына биригишкен.

### "АДК үнү" Долбооруна кандай зарылчылык болгон?

Көпчүлүк айылдардын жашоочулары айылдык ден соолук комитеттери жөнүндө угушкан жана алардын ишин колдоп келишет. Эмне үчүн? Себеби АДКга эрежеге ылайык, айылдагы жигердүү жана белгилүү адамдар киришет, алар жердештери арасында кадыр-баркка ээ. Ошол эле маалда жарандардан айырмаланып, жергиликтүү өз ал-

дынча башкаруу органдары АДК менен кызматташууга жетиштүү деңгээлде даярдыгын дайыма эле көрсөтө беришкен эмес, алар айылдын өнүгүүсү боюнча өнөктөш катары потенциалын жакшы балай албай жатышты. АДК жана КАДК Ассоциациясынын өкүлдөрү бүткүл жамааттын жакшы жашоосу үчүн ЖӨБ органдары менен АДК ортосундагы кызматташтыкты жакшыртуу керектигин, бул үчүн колдоо, окууларды уюштуруу талап кылынарын байкашты. Ошондуктан элет калкынын саламаттык детерминанттарына байланышкан көйгөйлөрдү чечүү үчүн бардык мүмкүн болгон ресурстарды мобилдештирүү максатында "АДК үнү" Долбоорунун иши АДК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБ) ортосунда диалог курууга багытталган. Бул иштин мааниси бир факт менен аныкталган: саламаттык детерминанттарына коопсуз ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк, калктуу конуштун жалпы санитардык-гигиеналык абалы, коопсуз турак жай жана аймак ж.б. факторлор кирет. Саламаттык сактоо системасы канчалык өнүккөн болбосун, өлкө калкынын саламаттыгынын абалына болгону 25% гана таасирин тийгизет. Калган 75% - бул дарыгерлер олуттуу таасирин тийгизе албаган факторлор. Мисалы, мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринде балдардын тамактануусунун сапаты билим берүү чөйрөсүнө караштуу. Ал эми бул балдар барган мекемелердеги физикалык шарттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына кирет. Анткени мектептер жана бала бакчалар ЖӨБ органдарынын балансында турат. Саламаттык детерминанттары өзүнчө адамдын да, жалпысынан жамааттын да ден соолугуна чоң таасирин тийгизет. Саламаттык детерминанттарын жакшыртуу менен, жалпы жамааттагы турмуш шарттарын да жакшыртууга болот. Айылдык ден соолук комитеттери – элет жергесинде саламаттык детерминанттарынын көйгөйлөрү менен алектенген ыктыярчылардын бирикмелери – бул процессте маанилүү ролду ойноого жөндөмдүү. Ошондуктан Долбоор көйгөйлөрдү биргелешип чечүү үчүн бардык күчүн ЖӨБ менен АДКнын өз ара аракеттенүүсүн күчтөндүрүүгө багыттаган. Бул максатта Кыргыз Республикасынын түрдүү аймактарынан 25 айыл пилоттук катары тандалып алынды.

Калктын саламаттыгын сактоого жана бекемдөөгө багытталган тармактар аралык саясатты калыптандырып, өркүндөттүүгө умтулуу "АДК үнү" Долбоорунун уникалдуу айырмалуу белгиси болуп



эсептелет. Жергиликтүү жамааттын деңгээлинде бүтүндөй коомдун аракеттери талап кылынганы саламаттыкты коргоо боюнча секторлор аралык саясаттын маңызын түзөт. Бул процесске жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, АДК атынан жамааттын өзү, ошондой эле башка секторлор жана биринчи кезекте саламаттык сактоо тармагы да катышууга тийиш. Узак мөөнөттүү натыйжага жетүү үчүн саламаттык сактоо тармагы коомдун түрдүү тармактары жана секторлору менен кызматташышы керек. Бул болсо тигил же бул шарттарды түзүүдө өздөрү кошкон салымын, ошол шарттарды жакшыртуу үчүн алган жоопкерчилигин баамдашы үчүн керек. Дал ушундай – секторлор аралык курс калктын саламаттыгынын абалын олуттуу түрдө жакшыртууга жол ачат.

Аталган долбоордун алкагында жасалган иштер 25 пилоттук АДКга жергиликтүү бийлик органдары менен байланышты жакшыртып, өнөктөш мамилелерди түзүп, элет жергесинде саламаттык детерминанттарын жакшыртуу боюнча биргелешкен иштерди жасоого жардам берди.





## АДКнын ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүүсү: алгачкы кадамдар жана бири-бирин таанып билүү

Пилоттук аймактардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилигинин деңгээлин жогорулатуу "АДК үнү" Долбоорунун негизги милдеттеринин бири болуп калды. Социалдык жоопкерчиликти өнүктүрүү үчүн долбоор жергиликтүү да, улуттук да деңгээлдерде иш алып барды. Муну менен долбоор төмөндөн жогору карай – жергиликтүү жамааттардан баштап, саламаттык сактоо маселелери боюнча өлкөдөгү жогорку башкаруу органдарына чейин социалдык отчеттуулукту түзүүгө аракет жасады.

Жергиликтүү деңгээлде социалдык отчеттуулукка карата "АДК үнү" Долбоору бир катар иш-чараларды өткөрдү. Мисалы, Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА). Анын жүрүшүндө жергиликтүү жамааттын эң артыкчылыктуу, өтө көйгөйлүү маселелери аныкталат, ошондой эле бул көйгөйлөр артыкчылыктуу болгонуна жараша бөлүштүрүлөт. Жалпак тил менен айтканда, бир катар көйгөйлөрдүн ичинен биринчи кезекте чечилиши керек болгон, эң маанилүү көйгөй тандалып алынат. Андан соң ЖӨБ органы менен жергиликтүү жамааттын биргелешкен ишинин жүрүшүндө ЖМБА жыйынтыктары АДК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын Биргелешкен аракеттер планы болуп өзгөрөт. Бул план аныкталган көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Мында жергиликтүү бюджеттерди аткаруу жана түзүү боюнча коомдук угууларды өткөрүү милдеттүү элемент болуп эсептелет. Коомдук угуулар аныкталган көйгөйлөрдү чечүү бюджетте кантип чагылдырылганын жана жалпысынан бюджет жарандардын керектөөлөрүнө канчалык жооп берээрин аныктоо үчүн өткөрүлөт. Бул иш-чаралардын цикли долбоорду аткаруу мезгилинин олуттуу бөлүгүн ээледи. ЖМБА өткөрүүгө, БАПты иштеп чыгууга жана коомдук угууларга 10246 киши тартылды. Алардын арасында жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, жергиликтүү депутаттар бар.

Жалпысынан иштин бул баскычында тараптар – ЖӨБ органдары менен АДК бири-бирин тааный баштады. Алар бири-биринин ишиндеги өзгөчөлүктөр менен таанышып, биргелешкен иштин жана өз ара пайдалуу кызматташтыктын потенциалын жакшыраак баалай алышты. Бирок азырынча бул болгону потенциал эле, туруктуу мамилелерди түптөө үчүн чоң иштер алдыда жаткан. Долбоордун жыйынтыктарынын туруктуулугун камсыздоо андан да маанилүү тапшырма болуп калды.



## АДКнын ЖӨБ менен өз алдынча иштөөгө өтүүсү: "Менин аймагым – саламаттыктагы аймак" жергиликтүү саясаты

Долбоордун пилоттук АДКлары ЖӨБ органдары менен өз ара аракеттенүү аспаптарын канчалык өздөштүргөнүн жана аларды "АДК үнү" Долбоорунун катышуусуз өз алдынча колдонууга канчалык жөндөмдүү болгонун текшерүү маанилүү эле. Практика көрсөткөндөй, пилоттук АДКлар 2017-жылдын башында долбоордун тикелей катышуусуз ЖМБА



өткөрүү боюнча буга чейин алган тажрыйбасын ийгиликтүү кайталай алышты.

Мындан тышкары 25 пилоттук АДКнын ичинен өзгөчө туруктуулары жана күчтүүлөрү тандалып алынды. Алар 2017-жылдагы ЖМБА-иш-чараларында алган жыйынтыктардын негизинде “Менин аймагым – саламаттыктагы аймак” жергиликтүү саясатын иштеп чыгууга киришти. Буга чейин долбоордун пландарында он айыл үчүн (ЖӨБ органдары, курамына бир нече айыл кирген муниципалитеттер эмес) жергиликтүү саясатты иштеп чыгуу боюнча тапшырма бар болчу. Анткен менен пилоттук АДКлардын жогорулаган потенциалын эсепке алуу менен, пилоттук АДК жайгашкан бир айыл үчүн гана программаларды иштеп чыккандын ордуна курамына бир нече айыл кириши мүмкүн болгон бүткүл муниципалитеттин деңгээлинде кеңейтүү чечими кабыл алынды. Тандалып алынган АДК алдыга коюлган тапшырманы аткара алышты. Бул болсо пилоттук АДКлар өз таасирин жалпы аймактын деңгээлинде таратууга жөндөмдүү болгондой деңгээлге чейин өсө алганынан кабар берет. Мындан тышкары алар чыныгы жергиликтүү лидерлерге айланышты. Анткени АДК иш-чараларына буга чейин долбоордун ишине тартылбаган, аймактын курамына кирген башка айылдар да кошулду.

Иштин жыйынтыгы боюнча, “Менин аймагым – саламаттыктагы аймак” жергиликтүү саясаты курамына АДК жана ЖӨБ кирген жумушчу топтор тарабынан иштелип чыкты. Жергиликтүү саясатты айылдык чогулуштарда жергиликтүү жамаат да, бардык 12 пилоттук муниципалитетте жергиликтүү кеңеш да бекитти. Жергиликтүү саясат элеттик муниципалитетти өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык документи болуп эсептелген аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү Программасынын бир бөлүгү болуп калды.

2017-жылдын январь айынан тартып, КР Бюджеттик кодекси колдонууга берилгенине байланыштуу Кыргыз Республикасынын бардык муниципалитеттери программалык бюджет түзүүгө өтүштү. Башкача айтканда, мындан ары жергиликтүү бюджетти пландоо жана аткаруу кабыл алынган социалдык-экономикалык өнүгүү программаларга негизделиши керек. Ушундай жаңы талаптарды эсепке алуу менен, иштелип чыккан жана кабыл алынган жергиликтүү саясат кийинки жылдарга жергиликтүү бюджетти иштеп чыгуу үчүн негиз болуп берет деген ишеним долбоордо пайда болду. Пилоттук АДКлар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын стратегиялык документтерин иштеп чыгууга жана илгерилетүүгө катышуу тажрыйбасына ээ болушту. Мында алар жергиликтүү жамааттын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоодон баштап, жамааттын бюджетке байланган стратегиялык документи катары “Менин аймагым – саламаттыктагы аймак” программасын кабыл алууга чейинки иштерди жасашты. Ошондой эле “АДК үнү” Долбоору жергиликтүү саясатты ишке ашырууну АДКнын жигердүү катышуусунун уландысында да көрүүдө: ЖӨБ менен биргеликте айрым тапшырмаларды тикелей ашырууда да, ЖӨБ өткөргөн иш-чаралардын аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө катышууда да.







Кабыл алынган жергиликтүү саясаттар 2020-жылга чейинки орто мөөнөттүү мезгилге эсептелинген. Саясатка киргизилген иш-чаралар аймак боюнча өткөрүлгөн ЖМБА жыйынтыктары боюнча түзүлгөнү жана пилоттук гана эмес, бардык айылдарды камтыганы да бул саясаттардын өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Бул болсо пилоттук АДКлардын гана кызыкчылыктары басымдуулук кылганын болтурбай, жамааттагы бардык топтордун кызыкчылыктарын акыйкат эсепке алууну камсыздайт. Жергиликтүү саясаттарды иштеп чыгууга жарандык коомдун өкүлдөрү жана жергиликтүү эксперттер катышты. Адатта мындай документтер калктын катышуусуз жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлери же чакырылган эксперттер тарабынан иштелип чыгат, коомдук талкуу өтө сейрек өткөрүлөт жана жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу керектөөлөрү көп жакшы эсепке алынбай калат. Ал эми азыркы учурда саламаттык маселелери боюнча кеңири коомдук талкуу жана калктын артыкчылыктарын эске алуу камсыздалды.

Жергиликтүү саясатты иштеп чыгуу пилоттук айылдардын жана аймактардын деңгээлинде социалдык отчеттуулукту өнүктүрүү багытына шилтенген кадам болуп калды. Буг чейин Биргелешкен аракеттер планы АДК жана ЖӨБ иши үчүн негизги документ болчу, бул аспап өзүн жакшы көрсөтө алганы менен, аткаруу үчүн милдеттүү болбой келген. Айталы, 2015-жылы ЖМБАнын негизинде Биргелешкен аракеттер планына кошулган иш-чаралар 87% толугу менен аткарылды жана 7% боюнча иштер башталып калды.

Долбоордун башында жамааттардын кызыкчылыктарын сүрөп, Биргелешкен аракеттер планынын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү үчүн АДК бир кыйла күч жумшоого мажбур болчу. “Менин аймагым – саламаттыктагы аймак” жергиликтүү саясатына карата кырдаал башкача болот. Анткени алар Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын курамына киришет. Ал эми бул Программа жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө негизги жетектөөчү документ болуп эсептелет. Ошентип АДК менен ЖӨБ ортосундагы кызматташтыктын деңгээлинин институционалдык өсүшү көз көрүнөө болуп турат. Эгерде мурда бул кызматташтык толугу менен муниципалдык жетекчилердин саясий эркине көз каранды болуп келсе, азыр аткаруу үчүн милдеттүү мүнөзгө ээ болгон программалык документтерде бекитилген.



## Ийгиликтүү тажрыйба өлкөдө жайылууда

Долбоордун тажрыйбасын пилоттук эмес АДК жана республиканын аймагындагы Райондук ден соолук комитеттери арасында жайылтуу боюнча иш-чаралар жыйынтыктардын туруктуулугун камсыздоого багытталган дагы бир маанилүү кадам болуп калды. Бул иш-чараларга



Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагынан АДКнын 285 өкүлү катышты. Бул иш-чаралардын алкагында "тең-теңге" мисалы боюнча тажрыйба алмашуулар жүрдү. Пилоттук АДКлар башка муниципалитеттердеги кесиптештерине кеп-кеңештерин берип, долбоордун практикасын жайылтууга көмөк көрсөтүп жатышат. Мисалы, Гроздь, Кочкор, Улахол, Кыргызстан, Онбир-Жылга, Ак-Чий, Савай жана башка айылдык аймактардын АДКлары башка аймактардын айылдык ден соолук комитеттерине барып жеринде же телефон аркылуу кеп-кеңештерин берип турушат. Иштин бул бөлүгү үчүн жоопкерчиликти КАДК Ассоциациясы өзүнө алган.

КАДК Ассоциациясы долбоор баштаган ишти улантып, башка АДКларда практиканы жайылтууга жигердүү көмөктөшө берүү ниети бар. "АДК үнү" Долбоорунун багыттары жана усулдары жаңы долбоордун дизайнынын өзөгүн түзүп калганын ийгилик катары баалаCA болот. Бул долбоорду КАДК Ассоциациясы Швейцариянын Өнүгүү жана кызматташтык боюнча башкармалыгынын (Швейцария Өкмөтү) колдоосу алдында аткарат. Жаңы долбоорду КАДК Ассоциациясы Ысык-Көл облусунун үч районундагы бардык элеттик муниципалитеттерде жайылтмакчы. Мындан тышкары өз ишинин алкагында КАДК Ассоциациясы "АДК үнү" Долбооруна параллель түрдө кошумча 28 пилоттук муниципалитетте төмөнкү схема боюнча окшош иштерди жасаган: "АДК үнү" долбоору өз иш-чараларын 25 пилоттук муниципалитетте ишке ашырса, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин ачык-айкындуулугу" долбоору ушул эле иш-чараларды өзүнүн пилоттук муниципалитеттеринде 2-3 айга кечигүү менен жасады. Ошентип долбоордун практикасы дагы кошумча 28 муниципалитетке кеңейди жана долбоордун механизмин колдонгон муниципалитеттердин жалпы саны 53 болду.

## Башкаруунун бардык деңгээлдери камтылган шарттарда социалдык отчеттуулук натыйжалуу болот

Эгерде кандайдыр бир көйгөйлөрдү чечүүдө жарандардын керектөөлөрү административдик тосмолорго кабылса, социалдык отчеттуулук натыйжалуу болбойт. Башкача айтканда, эгерде башкаруу системасынын бир бөлүгү отчеттуу, ал эми экинчиси андай болбосо, анда бүтүндөй башкаруу системасы отчеттуу болбойт. Ошондуктан "АДК үнү" Долбоору жергиликтүү деңгээлде гана иш алып баруу менен чектеле алган жок. Долбоор АДКга жана ЖӨБ органдарына өз ара да, айрым мамлекеттик органдарды кошкондо башкаруу системасынын башка бөлүктөрү менен да отчеттуулукту түзүүгө жардам берди.

Иштин алкагында "АДК үнү" Долбоору мамлекеттик башкаруу органдары менен кызматташтыкта улуттук деңгээлде бир нече олуттуу жыйынтыктарга жетише алды. Аны менен катар, Эсеп палатасы менен кызматташуунун алкагында КР Бюджеттик кодексинин жаңы редакциясына сунуштарды киргизүү боюнча иштер жасалды. Буга чейин долбоор бюджеттик угууларды өз убагында өткөрбөй калуу өңдүү көйгөйгө туш болгон. ЖӨБ органдарынын башчылары бул чөйрөнү жөнгө салган мыйзамдардагы кемчиликтерди колдонуп, бюджеттик угууларды өткөрүүнү каалаган эмес. Эсеп палатасы менен кызматташтыктын натыйжасында долбоор Бюджеттик кодекске айрым бир ченемдерди киргизүүгө көмөкчү болду. Ал ченемдер ЖӨБ органдарынан бюджет боюнча коомдук угууларды милдеттүү түрдө өткөрүүнү, ошондой эле социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландоодо жана жергиликтүү бюджетти түзүүдө жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу керектөөлөрүн эсепке алууну талап кылат. 2017-жылдын январь айынан тартып Бюджеттик кодекстин жаңы редакциясы күчүнө кирди. Бюджеттик угууларга коюлган жаңы талаптарды киргизүү зарылчылыгы тууралуу ЖӨБ башчылары арасында





ору АДК потенциалын дагы да жогору баалап, башынан эле долбоордун фокусу катары аныкталган жергиликтүү маанидеги маселелердин чегинен тышкары да иштей алат жана өз ишмердүүлүгүн жалпы муниципалитеттин деңгээлинде кеңейте алат деген тыянакка келди. Ошентип 11 пилоттук АДК тандалып алынды. Алар муниципалитеттин деңгээлинде медициналык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чогултуу боюнча ЖМБА иш-чараларын өткөрүштү.

АДК топтолгон тажрыйбаны сактап, жергиликтүү деңгээлде долбоордун жыйынтыктарынын туруктуулугуна жетүү үчүн өзөктүк жана келечеги бар институт болуп эсептелет. Ошол эле маалда ЖӨБ органдарында туруктуулук жана институционалдык эс тутум чөйрөсүндө бир катар көйгөйлөрү бар. Айталы, 25 пилоттук муниципалитеттин ичинен 14 (56%) муниципалитетте ЖӨБдүн мурдагы башчылары кайра шайланган эмес жана алардын ордуна жаңы жетекчилер келишкен. Мурдагы башчылардын иштен кетүүсү менен муниципалитеттер жергиликтүү жамаат менен иштөөдө топтолгон тажрыйбаны жоготушууда. Себеби адатта жаңы башчы өзү менен кошо жаңы команданы ала келет. Анткен менен долбоор ЖӨБ органдарына карата да туруктуулукту камсыздоо зарыл деп эсептейт. Бирок бул жерде башка усулдар талап кылынат. Эгерде АДКны алганда потенциалды жогорулатууга басым жасалса, ЖӨБго карата долбоордун жыйынтыктарын ченемдик укуктук базада бекитүү багытында чаралар көрүлдү. Бул болсо бюджеттин ачык-айкындуулугуна жана жарандардын бюджетти түзүү процессине катышуусуна карата талаптарды Бюджеттик кодекске кошуу аркылуу жасалды.

АДК катарында орун алмашуулар тууралуу айта турган болсок, ал чанда гана болот. Себеби АДК мүчөлүгүнө айылдын туруктуу жашоочулары өтөт. Долбоор иштеген мезгил аралыгында 25 АДКнын ичинен төртөөндө гана жетекчилик алмашкан жана мунун эки учуру АДК төрагалары көз жумганына байланыш-

түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө бир аз убакыт талап кылынат. Бирок натыйжада бюджеттик угууларды өткөрүү муниципалитет деңгээлинде бюджетти пландоонун милдеттүү элементи болуп калмакчы. Эми мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөрдүн жардамы менен Эсеп палатасы бюджетти пландоо процесси бул жааттагы мыйзамдардын талаптарына канчалык шайкеш келгенин текшерүүнү финансы аудитине кошо алат.

АДКнын медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына байланышкан маселелер боюнча Саламаттык сактоо министрлигинин түзүмдөрү жана КР Медициналык камсыздандыруу фонду менен өз ара аракеттенүү механизмин иштеп чыгуу Долбоордун дагы бир маанилүү жетишкендиктеринин бири болуп калды. Өз ишинин натыйжасында "АДК үнү" Долбо-



туу болгон. Бул эки жетекчи тең акыркы күнгө чейин өз ишин аткарып келишкен. Алардын ордуна ишке жигердүү тартылган АДК мүчөлөрү келгендиктен топтолгон тажрыйбаны өткөрүп берүү АДКда мыкты сакталып калды.

ЖӨБ башчыларынын иштен кетүүсү менен адатта ошол орган жүргүзгөн саясат да кошо өзгөрөт. Ошентип прогрессивдүү жана жигердүү башчылардын ордуна аларды бул кызматка жылдырган саясий жана административдик күчтөрдүн (мисалы, саясий партиялардын же жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын) кызыкчылыктарында иш алып барган жетелеме жана чабал башчылар келиши мүмкүн. Дээрлик дайыма эле АДК өз жамааттарынын кызыкчылыктарында иш алып барат жана башка максаттарды көздөбөйт. Алар калктын ишенимине ээ болушат. Себеби ресурстарга жеткиликтүүлүгү жок жана жергиликтүү бюджетти чыгымдоо, жергиликтүү ресурстарды (аны менен катар жерлерди) тескөө боюнча чечимдерди кабыл алалышпайт. Жеринде мындай жарандык коом уюмдарын күчтөндүрүү ЖӨБ органдарынын отчеттуулугун камсыздоо үчүн зарыл. Алар тиешелүү аспаптар болгон учурда ЖӨБ органдарынын социалдык отчеттуулугунун планкасын жогорку деңгээлде кармай алышат.

Пилоттук АДК менен иш көрсөткөндөй, потенциалды жогорулатуу жана андан ары ЖӨБ органдары менен тыгыз иш алып баруу саламаттык детерминанттарына таасирин тийгизген жергиликтүү маанидеги маселелерге байланышкан көйгөйлөрдү чечүүдө жакшы жыйынтыктарды берет. Жергиликтүү бюджетте жетиштүү каражат болбогон учурда да башка булактардан (республикалык бюджет жана донордук каражаттар) каржылоонун жардамы менен жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү мүмкүн экенин пилоттук ЖӨБ органдары тастыктай алышты. Бул болсо ЖӨБ башчылары тарабынан жигердүү позициянын болушун жана АДК өңдүү жергиликтүү жарандык активисттердин процесске активдүү тартылуусун талап кылат. Анткени АДКда тажрыйба, мүмкүнчүлүктөр жана ЖӨБ менен биргеликте аймакка инвестиция тартуу менен алектенүүгө каалоо бар. Адатта ЖӨБ органдары күнүмдүк иштен баштары чыкпай калат жана жетиштүү билими болбойт. Дал ушундай учурда аларга АДК жардам бере алат. Бирок АДКнын потенциалы жетиштүү деңгээлде жогору болушу керек.

Долбоордун байкоолорунун бири көрсөткөндөй, муниципалитеттеги иштердин абалы көп учурда ЖӨБдүн башында ким турганына көз каранды болот. Жигердүү жана прогрессивдүү башчылар жамааттын көйгөйлөрүн тезирээк чечишет, ал эми пассивдүү, жетелеме башчылар процессти токтотуп, зарыл болгон чечимдерди кабыл алышпайт. Муниципалитеттин аймагында АДК өңдүү жарандык коом уюмдарынын болгону ушундай пассивдүү башчылардын ишин активдештирүү үчүн стимул болуп бере алат. Анткен менен бул бардык эле учурда ишке аша бербегендиктен мамлекет жергиликтүү жамааттар жергиликтүү кеңешке кайрылгандан тышкары "иштебеген" башчыларга түз таасир эте ала турган жолдорду ойлонуштуруп көрүшү керек.

## Жасалгандан да көбүрөөк иштерди аткаруу

Жалпысынан "АДК үнү" Долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде гана эмес, негизинен эле АДКга оюндагысын эркин айтууга жол берди. АДКнын эволюциялык өнүгүүсү көрсөткөндөй, бул чакан, бирок жашап кетүүгө жөндөмдүү жана ийкемдүү жамааттык уюмдар жергиликтүү көйгөйлөрдү да, мамлекеттик маанидеги маселелерди да чечүү чөйрөсүндө башкаруу системасына олуттуу колдоо көрсөтүүгө жөндөмдүү. Анткен менен бул аз эмес потенциалды толук ишке ашыруу үчүн өзүнчө АДКнын да, жалпысынан тарамдын да институционалдык өсүшү жана өнүгүүсү боюнча мындан ары аракеттер талап кылынат. Ал эми КАДК Ассоциациясынын жигердүү иши жана мамлекеттик органдар менен кызматташтык бул өнүгүү уланат дегендин кепили болуп берет. Муну болсо журналдын ушул санына кирген башка материалдар да тастыктап турат. **М**



## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

# “Социалдык отчеттуулук” деген эмне?

**Отчеттуулуктун түрлөрү ортосунда өтө кыска жана жөнөкөйлөштүрүлгөн айырма төмөнкүдө камтылган: ДЕМОКРАТИЯЛЫК ЖАНА ВЕРТИКАЛДУУ ОТЧЕТТУУЛУК түшүнүгүнө жарандардын саясатка карата өз талаптарын формулировкалай алууга жөндөмдүүлүгү да, кызмат адамдарынын мындай керектөөлөргө реакция жасоо жоопкерчилиги да кирет. Бул өзүнө САЯСИЙ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУ камтыган жалпылаштырган түшүнүк.**

**Бийликтин САЯСИЙ ОТЧЕТТУУЛУК концепциясы өз ара мамилелердин өзгөчөлүү формасы болуп эсептелет. Мында шайланган адам өзүнүн мамлекеттик иштери үчүн, анын ичинде, бирок муну менен чектелбестен коомдук жыргалдарды берүү үчүн шайлоочулар алдында тикелей жооп берет. Бул жагынан алып караганда саясий отчеттуулук идеясы шайлоочулар менен өкүлдөр ортосундагы вертикалдуу байланышка карайт. Бийликтин саясий отчеттуулугун ишке ашыруу механизмдерине парламентти таратуу, парламентарийлерди чакыртып алуу, өкмөттүн отставкасы, сын айтууга укук кирет.**

**Бирок коомдук келишимдин алкагында жарандардын бардык кызыкчылыктарын камсыздоо үчүн саясий отчеттуулук жетишсиз болот. Мисалы, саясий отчеттуулук кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөргө карата милдеттенмелерин аткарууну талап кылууга жарандарга мүмкүнчүлүк бербейт. Мына ошондо СОЦИАЛДЫК ОТЧЕТТУУЛУК кошулат. Ал формалдуу жол-жоболор (шайлоо) же үзгүлтүксүз интервалдар (шайлоо цикли) менен чектелбейт, бирок жарандардын ыйгарым укуктарга ээ болгон адамдарга тикелей таасир тийгизүү боюнча үзгүлтүксүз процессти түзүп турат. Бул болсо социалдык аудитти (элдик көзөмөлдү) өткөрүү, маалыматка жеткиликтүүлүк, коомдук талкуулар, коомдук угуулар, нааразылык акциялары, демонстрациялар, журналисттик иликтөөлөр, кызмат көрсөтүүлөргө даттанууларга, кайрылууларга мониторинг жүргүзүү ж.б. жолу менен ишке ашат. Социалдык отчеттуулукту күчтөндүрүүнүн жыйынтыктары ар түрдүү болот. Мисалы, коррупциянын азайышы, башкаруунун жакшыруусу жана саясатты иштеп чыгуу, бийлик жарандардын үнүнө кулак төшөйт, аярлуу топтордун мүмкүнчүлүктөрү кеңейет, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр жана жарандардын муктаждыктарына багытталган саясат үчүн жооп берген органдар реакция жасайт, укуктар, ден соолук сакталып, өнүгүү максаттарына жетүү мүмкүн болот. Саясий жана социалдык отчеттуулук отчеттуулуктун вертикалдуу тибине кирет. Отчеттуулуктун вертикалдуу механизмдери жарандарга – ишеним көрсөтүүчүлөргө (шайлоочулар, уюшкан жамаат, ММК) жана иш-аракеттерине реакция күтүлгөн мамлекеттик агенттер (мыйзам чыгаруучулар, шайлоо өкүлдөрү, аткаруучу бийлик жана ЖӨБ органдары) карайт.**



**АДМИНИСТРАТИВДИК ОТЧЕТТУУЛУК деңгээли боюнча дагы да жогору турган органдын алдында баштапкы администрациялык органдын отчеттуулугун билдирет. Бул мурдагы СССРге кирген өлкөлөрдө жана Чыгыш Европада коммунисттик мезгилде административдик укукта отчеттуулуктун негизги формасы болчу жана ушул кезге чейин бул региондо административдик укуктун айырмалуу белгиси бойдон кала берүүдө. Административдик отчеттуулук жалпысынан башкарууну камсыздаган мамлекеттик органдардын ичиндеги башкаруунун натыйжалуу системасынын зарыл атрибуту болуп эсептелет. Жарандар үчүн административдик отчеттуулуктун күчөтүлүшү кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүккө карата өзгөчө маанилүү болот. Административдик отчеттуулук горизонталдык типке карайт – мындай мамилелерде бийликтин түрдүү түзүмдөрү бири-бирин жоопкерчиликке тартат. Бул болсо алардын эч кимиси башкалардын укуктарынан жана кызыкчылыктарынан ашпашы үчүн жана укук үстөмдүгүнөн жогору турбашы үчүн жасалат. ГОРИЗОНТАЛДЫК ОТЧЕТТУУЛУК өзүнө бийлик органдары ортосунда бири-бирин кармап туруу, тең салмактуулук системасын гана эмес, ошондой эле Акыйкатчы институту, Прокуратура, Эсеп палатасы өңдүү контролдук-көзөмөл органдарын да камтыйт.**

# Көңүл чордонунда “Отчеттуулук”

2016-жылы Өнүктүрүү саясат институту Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин буюртмасы менен “Кыргыз Республикасындагы бийликтин отчеттуулук системасы” аттуу изилдөөнү жүргүзгөн. Изилдөө Кыргыз Республикасындагы отчеттуулук системасынын субъекттерине жүйөлүү сунуштамаларды иштеп чыгуу максатын көздөгөн. Изилдөөнүн кыскача мазмуну 2016-жылы “Муниципалитет” журналында жарыяланган. Ушул эле жерге “жарандар жана КР Жогорку Кеңеши” жана “жарандар жана аткаруу бийлиги” жуптарында отчеттуулуктун абалын сүрөттөгөн изилдөөдөн үзүндүлөрдү жарыялоону туура көрдүк.

Бийликтин отчеттуулук маселеси демократия тууралуу сөз козголгондо эле мыйзамдарда, программаларда, саясий билдирүүлөрдө жана ММКда рефрен болуп жаңыра баштайт. Бирок ар бир адам отчеттуулукту ар башкача түшүнөт: жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусун да, бийликтин ишиндеги айкындуулукту да, шайлоо системасын да, ж.б. Терминди түрдүү контекстте мынчалык жигердүү колдонуу отчеттуулук демократиянын зарыл атрибуту болуп, бирок Кыргыз Республикасын демократиялык мамлекет катары мүнөздөөгө жол берчү башка факторлор жана шарттар менен катар пайда болчу кандайдыр бир көрүнүшкө айланганынан кабар берет. Чындыгында отчеттуулук – бул мамлекетти түзгөн субъекттер ортосундагы өз ара мамилелер системасы.

Ушуну менен бирге көптөгөн, анын ичинде басымдуу чет өлкөлүк изилдөөлөр көрсөткөндөй, отчеттуулукту күчөтүү маселеси жакында эле саясий жана экономикалык өзгөрүүлөрдү (тарыхый масштабда) башынан өткөргөн өлкөлөр, ошондой эле туруксуз, жаңжал чыккан же жаңжалдан кийинки кырдаалда жашап жаткан өлкөлөр үчүн өзгөчө актуалдуу болот. Мындай өлкөлөрдүн катарына Кыргыз Республикасы да кирери талашсыз. Ушундай өлкөлөр үчүн отчеттуулуктун актуалдуулугу бийлик легитимдүүлүгүнүн[1] жетишсиздиги, коомдук (социалдык) келишимдин жана мамлекет менен жарандар ортосундагы өз ара мамилелер маданиятынын маңызы тууралуу түшүнүктүн жоктугу менен шартталган.

Кыргыз Республикасы башкаруу системасына отчеттуулук элементтерин жайылтуу боюнча бир топ аракеттерди жасаганын белгилебей коюуга болбойт. Муну социалдык, административдик жана саясий отчеттуулуктун көптөгөн мисалдары тастыктап турат: башкаруунун парламенттик формасы өнүгүүдө, негизги демократиялык жана укуктук институттар түзүлдү, шайлоо системасы өркүндөп келатат, жарандарды өзгөчө жергиликтүү деңгээлде[2] чечим кабыл алуу процессине тартуу практикасы кеңири жайылууда, жарандардын негизги укуктары жана эркиндиктери кепилденген. Анткен менен бул элементтер көбүнчө фрагменттик мүнөзгө ээ, адатта бири-бири менен байланышта эмес. Мындан улам ачык жана үзгүлтүксүз иштеген системага бириккенде пайда болчу коомдук (социалдык) келишимдин туруктуулугуна жана аны баамдоого талаптагыдай таасирин тийгизе албай, натыйжалуулукка жетпей жатат. Мисалы, шайлоо процессин өркүндөтүү саясий партиялардын шайлоочулары алдындагы жоопкерчилигин жана отчеттуулугун күчтөндүрүү менен коштолгон жок. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн прогрессивдүү концепциясын жайылтуу жарандардын артыкчылыктарына негизделген өнүгүүнү пландоону өркүндөтүү иштери менен коштолгон жок. Мамлекетттик маалымат ресурстарын түзүү жана мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматты ачыктоо саясаты ошол маалыматтын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жетиштүү деңгээлде жакшыртуу менен коштолгон жок. Бул документ отчеттуулук фрагменттерин эффективдүү системага алып келүүгө жол бербей жаткан ушул жана башка ажырымдарга же боштуктарга, ошондой эле буларды жоюу боюнча сунуштарга арналды.

Ошентип, отчеттуулукту күчөтүү биринчи кезекте отчеттуулук системасын куруу көз карашынан алганда Кыргыз Республикасы үчүн актуалдуу болуп турат. Бул отчеттуулук системасы жарандарды жана бийликтин өзөктүк институттарын камтыйт. Ал мамлекет менен жарандар ортосундагы коомдук келишимдин милдеттенмелерин кынтыксыз аткарууга жана бирдиктүү түшүнүктү иштеп чыгууга көмөктөшөт.

Бул изилдөө Кыргыз Республикасында аткарылган өнүгүү долбоорлорунун тажрыйбасына таянат. Изилдөөдө Дүйнөлүк банк, Эл аралык демократия жана шайлоого көмөктөшүү институту, Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму, АКШнын

[1] Бул изилдөөдө “легитимдүүлүк” термини саясат таануунун көз карашынан чечмеленди жана калктын бийликти таануусун билдирет. Башкача айтканда легитимдүүлүк – элдин бийлик менен макулдугун түшүндүрөт. Мында бийлик милдеттүү чечимдерди кабыл алууга укугу бар дегенди эл ыктыярдуу түрдө таанийт.

[2] Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Кыргызстанда ишке ашырылган долбоорлордун алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде отчеттуулуктун элементтерин жайылтуу мисалдары менен долбоорлордун сайттарынан таанышсаңыз болот: www.vap.kg; www.dpi.kg “Долбоорлор” бөлүмү, ошондой эле “МУНИЦИПАЛИТЕТ” журналынын http://www.municipalitet.kg сайтынан таба аласыз.

Улуттук демократиялык институту, Карнеги Институту өңдүү өнүгүү чөйрөсүндөгү, анын ичинде отчеттуулукту өнүктүрүүдө таанылган лидерлердин материалдары кеңири колдонулду.

Баалоо усулу отчеттуулуктун төрт өлчөмүнүн концепциясына негизделген. Концепция Демократия жана шайлоого көмөктөшүү боюнча эл аралык институтунун (*Democratic Accountability and Service Delivery: A Desk Review by The International Institute for Democracy and Electoral Assistance, Andres Mejia Acosta with Anuradha Joshi and Graeme Ramshaw*) кызматкерлери Андрес Меджиа Акоста, Анурадха Джоши жана Грэме Рамшоунун Демократиялык отчеттуулук жана кызмат көрсөтүү тууралуу Кабинеттик изилдөөсүнүн негизинде түзүлдү. Бул концепция GPSA тарабынан социалдык отчеттуулукту өлчөөгө карата иштелип чыккан. Бирок бул изилдөөнүн авторлору жалпысынан отчеттуулук системасын баалоодо концепцияны колдонуу үчүн тоскоолдуктарды көрө алган жок. Анткени система жарандар менен мамлекет ортосундагы коомдук келишимди чагылдырып турат. Мындан улам өзүнө социалдык отчеттуулуктун көптөгөн элементтерин камтыйт. Бул болсо концепцияны социалдык отчеттуулук маселелери менен гана чектелбестен, жалпысынан системага карата колдонууга жол берет. Кыргыз Республикасында бийликтин отчеттуулук системасынын ичиндеги процесстерди баалоо Өнүктүрүү саясат институтунун күчү менен, эксперттик анализ жасоо жолу аркылуу ишке ашты. Андан кийин Кыргыз Республикасындагы таанылган эксперттердин кеңири чөйрөсүндө талкууланды. Изилдөөнүн усулунун кыскача мазмуну – “агент – ишеним берүүчү” жубунун ортосундагы отчеттуулук процесстерин идентификациялоо жана бул процессти канчалык деңгээлде колдонууда же колдонууда эмес катары таанууга болоорун аныктоо. Ушуну менен бирге процесстин бар же жоктугунун критерийлери катары төмөнкү шарттар кызмат кылат:

- отчеттуулуктун эрежелеринин жана стандарттарынын болгону же жоктугу;
- отчеттуулукка суроо-талаптын болгону;
- бийликтин отчеттуулукка суроо-талаптын болгонуна реакция жасоого мотивациясы;
- отчеттуулуктун талаптарын мажбурлап аткартуу мүмкүнчүлүгү жана жазанын болбой койбостугу.

# “Жарандар – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши” жубунда отчеттуулук

## Бул жупта отчеттуулуктун орточо индекси 33% түзөт

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: жашыруун жалпы добуш берүү менен тең жана тикелей шайлоонун негизинде Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо

КР Конституциясына ылайык, Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат. Кыргызстандын эли өз бийлигин ушул Конституциянын жана мыйзамдардын негизинде түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы аркылуу жүзөгө ашырат. Кыргызстан эли Жогорку Кеңештин депутаттарын жашыруун жалпы добуш берүү менен тең жана тикелей шайлоонун негизинде шайлайт (2-берене). Ушуну менен бирге бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн; мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана ачыктыгынын, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусунун принциптерине негизденет (3-берене). Мамлекет жана анын органдары, анын ичинде Жогорку Кеңеш коомдун кайсы бир бөлүгүнө эмес, бүткүл коомго кызмат кылат (5-берене). “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” КР Мыйзамынын 4-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Жогорку Кеңеш өзүнүн иштерин жүзөгө ашыруунун принциптеринин бири болуп элдин жана өз шайлоочуларынын алдында жоопкерчилик эсептелет.

“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын статусу жөнүндө” КР Мыйзамынын 21-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” КР Мыйзамынын 151-152-беренелерине ылайык, Жогорку Кеңеш, анын органдары, депутаттар сессия учурунда жана сессиялардын ортосундагы мезгилде шайлоочулар менен ишти төмөнкүдөй уюштурат:

1) шайлоочуларды кабыл алуу;
2) сунуштарды, арыздарды, сунуштамаларды кароо;
3) чогулуштарды, конференцияларды, жолугушууларды, «тегерек үстөлдөрдү», семинарларды, кеңешмелерди, жыйналыштарды, анын ичинде жерине баруу менен ачык эшиктер күндөрүн жана башка иш-чараларды өткөрүү;
4) жарандардын жана алардын бирикмелеринин мыйзам чыгаруу сунуштарын кароо жана кабыл алуу;
5) мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан

жарандардын укуктарын бузуу боюнча парламенттик териштирүү жүргүзүү жөнүндө жарандардын кайрылууларын кароо;
6) мыйзам долбоорлору жана коомдук маанилүү маселелер боюнча парламенттик угууларды өткөрүү;
7) шайлоочулардын арыздары боюнча мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына парламенттик жана депутаттык суроо-талаптарды жиберүү.

Шайланып келген депутаттарда жана парламентте жарандардын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө реакция жасоого жалпысынан мотивация бар. Анткени аларда саясий ишенимди жана рейтингди жоготуп алуу тобокелчилиги бар. Мажбурлоо механизмдерине карата кырдаал начар. Жарандар референдум өткөрүү жолу менен Жогорку Кеңешке ишеним көрсөтпөй коё алат. Анткен менен бул жол-жобо татаал, ал эми зарыл болгон катышуучулардын саны көп – 300 миң киши. Бул референдумду өткөрүүнүн иш жүзүндө мүмкүн кылбайт. Айрым депутаттардын санды 10 миңге чейин азайтуу сунушу көпчүлүк депутаттардын колдоосуна ээ болбой келет. **Ошондуктан отчеттуулуктун бул процессин толук өлчөмдө колдонулбаган катары тааныса болот.**

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: жарандар менен регламенттештирилген түз өз ара аракеттенүү. Бул болсо аярлуу топторду дискриминациялоодон оолак болууга жардам берет

Жогорку Кеңештин жарандар алдындагы отчеттуулугунун укуктук шарттарына жасалган анализ көрсөткөндөй, мыйзамдарда кайрылуулар жана парламенттик угууларды өткөрүү тууралуу нормаларды кошпогондо, Жогорку Кеңештин жарандар алдындагы тикелей социалдык отчеттуулук формалары жок. Бул мыйзамдарда белгиленген Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо системасына, тагыраак айтканда Жогорку Кеңешти партиялык тизме боюнча түзүүгө байланышкан. Мунун натыйжасында Жогорку Кеңештин жарандар алдындагы отчеттуулугу саясий партиялар аркылуу жүзөгө ашырылат. Саясий партиялар жарандардын саясий эркин билдирүүгө көмөк көрсөтөт, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоого катышат (Конституциянын 4-беренеси). Ошондуктан Жогорку Кеңештин жарандар менен өз ара аракеттешүүсү көбүрөөк деңгээлде тикелей эмес, парламенттеги фракциялар аркылуу жүрөт. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” КР Мыйзамынын 152-беренесине ылайык, дал ушул фракция шайлоочулар менен иштөө боюнча өзүнүн мүчөлөрүнүн иши жана парламенттин шайлоочулар менен өз ара аракеттенүүсүнүн жогоруда аталган формалары жана усулдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттарынын өкүлчүлүк функцияларын аткаруусу үчүн жоопту. Жогорку Кеңештин жарандар алдындагы тикелей отчеттуулугунун укуктук шарттарынын жоктугу фракциялардын жана парламенттик партиялардын жарандар алдындагы отчеттуулугун күчөтүү зарылчылыгын пайда кылууда. **Отчеттуулуктун бул процесси иштебейт деп таанылат.**

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: жазалоо же чакыртып алуу, шайлоодон баш тартуу механизми

Бул процесс үчүн укуктук шарттар жок жана жакынкы келечекте да пайда болчудай эмес. Укуктук шарттарды партиялык системанын эволюциясы аркылуу гана түзсө болот. Ал отчеттуулук системасын күчтөндүрүүдөн алчу пайданы өзү баамдаш керек. Отчеттуулук системасы партиялардын өзүнүн өнүгүүсү үчүн бекем негиз түзүп, андан кийин көйгөйдү чечүүнүн варианттарын сунуштайт. ***Отчеттуулуктун бул процесси мүмкүн эмес деп таанылат жана баалоого кошулбайт.***

## Эл аралык тажрыйба

Өлкөнүн мыйзам чыгаруу бийлиги демократиялаштыруунун институционалдык ачкычы деген пикир дүйнөдө кеңири тараган. Ошондуктан дүйнө жүзү боюнча демократиялаштыруунун деңгээлин өлчөө үчүн көптөгөн уюмдар иш алып барат. Алар жалпысынан парламенттин да, өз-өзүнчө депутаттардын да демократиялашуусун өнүгүүсүнө жана ишине мониторинг жүргүзүүгө адистешкен. Мындай уюмдар дүйнөнүн 80ден ашуун өлкөсүндө иштейт. Бирок Кыргызстан бул өлкөлөрдүн катарында жок. Бул уюмдар жана алар колдонгон мониторинг аспаптары парламент менен жарандар ортосундагы отчеттуулук өз ара мамилелерин орнотууга олуттуу таасир тийгизет. Анткени парламенттердин өздөрү үчүн ар бир жаран менен байланыш жана мамиле түзүү иш жүзүндө мүмкүн эмес. Мындан улам ушул өз ара мамилелердин каналы же коридору боло турган уюмдар керек.

Парламенттик мониторингге карата эки дүйнөлүк тренд бар: 1) “парламенттик информатика”, ал парламент ишинде ИКТ колдонуу деңгээлин аныктайт; 2) “парламентти күчөтүү”, ал парламенттерге, ошондой эле аларга мониторинг жүргүзүү жана күчтөндүрүү менен алектенген уюмдарга тышкы жардамдын көлөмүн аныктайт.

Парламенттик информатика электрондук демократиянын жана электрондук катышуунун аспаптарын колдонот. Мисалы, OpenCongress.org парламенттердин расмий сайттарындагы, дайындар базасындагы жана башка булактардагы ачык маалыматты автоматтык түрдө чогултуп, андан кийин бул маалыматтарды жарандар оңой түшүнүп, издеп, анализдей ала тургандай форматтарга өткөрөт. Башка ресурстар маалыматты визуалдаштырат, мисалы, депутаттар кайсы аймактар менен иштеп жатканын көрсөткөн карталарды түзөт. Анткен менен бул аспаптардын баарында чоң кемчилик бар – алар мааниси жагынан алып караганда өтө аз маалыматты камтыйт, бул болсо парламенттик информатиканын эң эффективдүү аспаптарынын ишин чектейт.

Акыркы жылдары эл аралык коомчулук парламенттерге берилген жардамын, анын ичинде мониторинг жүргүзгөн уюмдарга жана парламенттердин жарандар алдындагы отчеттуулугун колдогон уюмдарга жардамын көбөйтүүдө. Мониторинг жана баалоо үчүн алкактык стандарттар жана аспаптар *Commonwealth Parliamentary Association, Southern African Development Community Parliamentary Forum, Assemblée parlementaire de la francophonie* жана Парламенттер аралык Биримдик (*Inter-Parliamentary Union*) тарабынан иштелип чыкты.

Эки тренд тең бара-бара биригүүдө. Мисалы, мыкты практика базасын түзүү жолу менен (*AGORA Portal for Parliamentary Development* сайты WBI, NDI, ПРООН, ЕБ жана Эл аралык демократия институтунун биргелешкен долбоору депутаттар, парламент кызматкерлери жана дүйнө жүзү боюнча парламенттерди өнүктүрүү жаатында иштеген эксперттер үчүн маалымат булагына айланды); демократиялык парламенттердин стандарттарын жана парламенттердин айкындуулугун иштеп чыгуулар (Эл аралык парламенттик биримдиктин парламенттик сайты боюнча колдонмо парламенттик сайттарды изилдөө үчүн негиз болуп берет. Бул колдонмодо дүйнө жүзү боюнча 100дөн ашуун парламенттен алынган жооптор камтылган. Ал 2008-жылы Дүйнөлүк электрондук Парламенттин отчетунун бир бөлүгү катары түзүлгөн, 2010-жылы жаңыртылган).

Парламенттердин өнүгүүсүн жана демократиялашуусун колдогон жергиликтүү жана эл аралык көпчүлүк уюмдардын иши жеке депутаттарга мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө багытталган – 86%. Бул жеке депутаттарга мониторинг жүргүзүү парламент ичиндеги отчеттуулук маданиятын өнүктүрүүнүн ыкмасына айланганына байланыштуу болуп жатат. Бул уюмдар жарандарга депутаттардын ишин жакшыраак түшүнүүгө жардам берип, сурамжылоо жүргүзүп же башка аспаптарды колдонуп жарандардын мамилесин жана канааттануу деңгээлин өлчөп, шайлоолор арасында жалпысынан парламенттердин жарандар алдындагы отчеттуулугу үчүн шарттарды түзүп келет. Мисалы, уюмдар депутаттардын өмүр жолу жана иши, турмуштук тажрыйбасы, ишке келүүсү, талкууларга катышуусу, эл алдында жасаган билдирүүлөрү, мыйзам чыгаруу иштери, добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоочулар менен иш алып баруусу ж.б. тууралуу маалыматтарды чогултат. Мындай маалыматтар депутаттын шайлоочулар алдындагы отчету катары кызмат өтөйт. Болгондо да бул отчет объективдүү жана ишенимдүү болуп эсептелет. Анткени аны депутат эмес, көз карандысыз уюмдар берүүдө.

Башка уюмдар саясий партиялардын, фракциялардын, комитеттердин жана жалпысынан институт катары парламенттин өнүгүүсүнө жардам берет. Мисалы, Индиядагы *PRS Legislative Research* уюму парламенттин түрдүү функцияларын түшүндүрүп берет: бюджеттик процесс, бюджеттик календарь жана маанилүү бюджеттик түшүнүктөр башынан аягына чейин сүрөттөлөт.

Парламентке карата да, жалпысынан коомго карата да айкындуулукту күчөтүүдө аталган уюмдардын ролу өтө маанилүү. *Projeto Excelências, Transparência Brasil* уюму өзүнүн сайтында жергиликтүү кеңештердин парламентине, анын ичинде мыйзам долбоорлоруна, пленардык отурумдарга жана комитеттердин отурумдарына катышуусу, иш сапар чыгымдары тууралуу жазууларга мониторинг жүргүзөт. *MANS* уюму (Монтенегро) парламентке жүргүзгөн мониторинг боюнча өз отчетунда эркин маалыматка байланышкан суроо-талаптардын жыйынтыгын жарыялаган (мындай суроо-талаптардын 17 000ден ашууну киргизилген). Муну уюм парламенттин мыйзам нормаларына шайкештигин көрсөтүү үчүн жасаган. Парламент айкындуулугунун Регионалдык индекси (RIPT) – *Corporación Participa* (Чили), *Fundación Poder Ciudadano* (Аргентина) жана *Acción Ciudadana* (Гватемала) уюмдарынын биргелешкен демилгеси. Ал парламенттердин айкындуулугун жана отчеттуулугун төрт өлчөм жана 62 өзгөрмө боюнча аныктаган. Ушундай эле ишти *A Plea for Open Parliaments in the Black Sea Region, Institute for Public Polic*y (Румыния) демилгеси, I*nstitute for Development and Social Initiatives* (Viitorul – Молдова), Centre for Liberal Strategies (Болгария) жана *Caucasus Institute for Peace, Democracy and Development* (Грузия) уюмдары да жүргүзөт.

Акыркы жылдары дүйнө жүзү боюнча көп сандагы парламенттер аралык уюмдар мыйзам чыгаруу органдарынын жарандар алдындагы отчеттуулугун баалоонун аспаптарын жана максаттуу көрсөткүчтөрүн аныктап алышты. Көпчүлүк учурда процесске жергиликтүү уюмдар да тартылат. Алар парламенттер менен жарандар ортосундагы отчеттуулук мамилелерин түзүү ролун аткарышат.

## Сунуштамалар

Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу ишмердигинин максаты мамлекет менен коомдун актуалдуу керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган мыйзам долбоорлорун кабыл алуу болуш керек. Мында өлкөнү өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү максаттары эсепке алынууга тийиш. Бул болсо мыйзам долбоорлорунун коомдун саясий жана социалдык-экономикалык керектөөлөрүнүн алдындагы отчеттуулугун күчөтүүнү талап кылат. Ал комитеттердин мыйзам чыгаруу ишинин сапатын жогорулатуу аркылуу жетишилет. Мыйзам долбоорлорун талкуулоо процессинде, аны менен катар коомдук угууларды өткөрүү процессинде коом менен өз ара аракеттенүү механизмдерин жакшыртуу жана өркүндөтүү талап кылынат. Угуулардын жыйынтыгына карата кайра байланыштын жоктугу Жогорку Кеңеш менен өз ара аракеттенүүдө коомчулуктун көңүл калуусуна алып келип, Жогорку Кеңештин бийлик булагы – өлкө калкынын алдындагы отчеттуулугун чабал кылат.

Эксперттер мыйзам долбоорун иштеп чыгууга коомчулукту тартуу деңгээли төмөн болгонун белги-

лешет. Бүгүнкү күндө мыйзам долбоору аны иштеп чыккандан кийин гана талкууга коюлат. Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу процессине кызыкдар тараптардын жана коомчулуктун системалуу катышуусунун так механизми жок. Мындан улам каралып жаткан мыйзам долбоорлору боюнча коомчулуктун пикирлерин, эскертүүлөрүн жана сунуштарын эсепке алууну жакшыртуу зарыл. Коомчулук менен кеңешүүгө карата комплекстүү мамиле жасоонун методологиясын иштеп чыгуу зарыл (балким тармактар, коалициялар, жарандык уюмдар жана топтор атынан катталган колдонуучулар менен онлайн консультациялар платформасы аркылуу ишке ашырса болот). Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу этабында коомдук консультацияларды өткөрүү камсыздалыш керек. Коомчулук тигил же бул мыйзам долбоорунун зарылчылыгын аныктоого катышыш керек (балким платформа аркылуу добуш берүү менен).

Жогорку Кеңештин ишинде интеллектуалдык-аналитикалык коштоо күчтөндүрүлүүгө тийиш. Муну Жогорку Кеңеш канчалык деңгээлде жарандардын күтүүлөрүн актап жатканын жана калк алдында канчалык отчеттуу болгонун өлчөгөн аспаптарды киргизүү менен ишке ашырса болот.

Эң маанилүүсү – бейөкмөт уюмдардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча аракеттерди көрүү зарыл. Бейөкмөт уюмдардын ишмердиги парламенттин иши, депутаттардын жана институттун жалпысынан жарандар менен отчеттуулук мамилесин орнотуу үчүн шарттарды түзөт.

# "Жарандар – аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" жубунда отчеттуулук

## Бул жупта отчеттуулуктун орточо индекси 17% түзөт

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: жарандардын артыкчылыктарына негизделген өнүгүүнү пландоо

Жарандардын артыкчылыктарына негизделген өнүгүүнү пландоо талабы мыйзамдарда так жана бир мааниде бекитилген эмес. Болгону Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин 2014-жылдын 4-мартындагы №01-24/19 буйругу менен бекитилген жергиликтүү жамааттардын Типтүү уставы гана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө калктын керектөөлөрүн эсепке алуу тууралуу талаптар каралган. Башкача айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан социалдык отчеттуулук принциби типтүү документте бекитилген. Ал документти ЖӨБ органдары өз демилгеси менен кабыл алалат. Бул үчүн ЖӨБ органдарынын жетекчилери тарабынан саясий эрк жана отчеттуулуктун башкы "жол баштоочусу" – өлкөнүн жогорку жетекчилиги тарабынан стимул берүү талап кылынат[1].

Иш жүзүндө болсо улуттук мамлекеттик программалар жарандардын чыныгы керектөөлөрүн эч эсепке албайт, ал эми жергиликтүү программаларда алар жарым-жартылай гана эсепке алынган. Улуттук мамлекеттик жана жергиликтүү өнүгүү программаларын айкалыштыруу механизми такыр эле жок. Бул болсо улуттук деңгээлде пландоо процессинде жарандардын керектөөлөрүн эсепке алууну мүмкүн кылбайт. Ошол эле маалда пландоодо үй кожолуктардын статистикалык көрсөткүчтөрүн колдонуу практикасы бар. Алар кайсы бир деңгээлде жарандардын муктаждыктарын көрсөтүп бере алат. Анткен менен сурамжылоолор жана топтоштурулган маалыматтар даректүү пландоону жүзөгө ашырууга бут тосуп, муктаждыктарды абстрактуу чоңдукка айландырып коюуда. Өкмөттө мотивация, ал эми жарандарда мажбурлоо механизмдери жок. **Процесс иштебейт деп таанылды.**

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: Кызмат көрсөтүүлөргө жана мамлекеттик чыгашаларга коомдук мониторинг жүргүзүү маселелери

Бул маселелер Конституцияда жана башка мыйзамдык актыларда жөнгө салынган. Айталы, Конституциянын 52-беренеси жарандар республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүүгө, ошондой эле бюджеттен иш жүзүндө чыгымдалган каражаттар жөнүндө маалымат алууга укуктуу болгонун ырастайт. "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамынын 14-беренеси жарандык коом уюмдары тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына баалоо жүргүзүүгө уруксат берет. "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" КР Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди кароо жана бекитүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, айылдык жана шаардык кеңештер

[1] Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставы Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында иштелип чыккан. Мындан тышкары аталган Долбоор "Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу" Окуу материалдар жыйнагынын алкагында Практикалык окуу китебин да иштеп чыккан. Документтерди Долбоордун сайтынан таба аласыз: www.vap.kg

тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен мамлекеттик сырлардын категориясына киргизилген, аларды таркатуу мамлекеттик кызыкчылыктарга, эгемендикке, экономикалык жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтириши мүмкүн болгон маселелерди кароодон тышкары да, айкындуу жана ачык жүргүзүлөт. Ошондой эле бул маселелер республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттор боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, айылдык жана шаардык кеңештердин токтомдорунда; республикалык бюджет жөнүндө жыл сайын чыкчу мыйзамдарда чагылдырылган. Анда кезектеги бюджеттик жылга жана андан кийинки болжол кылынуучу эки жылга жергиликтүү бюджеттер жөнүндө айылдык жана шаардык кеңештердин чечимдери массалык маалымат каражаттарында жарыялануута тийиш деп айтылган. "ЖӨБдүн финансы-экономикалык негиздери жөнүндө" КР Мыйзамынын (мындан ары – ЖӨБФЭН жөнүндө" КР Мыйзамы) 110-беренесине жана 113-беренесине ылайык, жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу айкындуулук, коомчулуктун катышуусу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы отчеттуулук принциптерин сактоо менен жүзөгө ашырылат. ЖӨБФЭН жөнүндө КР Мыйзамынын 13-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттерин кароо жана бекитүү кеңештин ачык сессияларында жана коомдук угууларда айкындык жана элдин катышуусу менен жүргүзүлөт. Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставында да бюджет долбоорлору боюнча коомдук угууларды өткөрүү, ЖӨБ органдарынын ишин, алардын кызмат көрсөтүүлөрүн баалоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн коомчулуктун катышуусу менен топторду түзүү каралган.

Анткен менен иш жүзүндө кызмат көрсөтүүлөргө жана мамлекеттик чыгашаларга коомдук мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболору талаптагыдай иштелип чыккан эмес, мониторингдин жыйынтыктарын эсептөөнүн регламенттери жана ыкмалары жок, бул болсо ушул процесстин алкагында бийликтин отчеттуу болуу мотивациясын жокко чыгарууда. **Буга байланыштуу укуктук шарттардын бар болгонуна карабастан, процесс жок деп таанылды[1].**

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтын айкындуулугу жана ага жеткиликтүүлүк процесси

Бул процесс Конституциянын нормалары менен, ошонун ичинде 3-берене менен жөнгө салынган: "Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик: 1) бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн; 2) мамлекеттик бийликти бөлүштүрүүнүн; 3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана ачыктыгынын, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусунун принциптерине негизденет". Ошондой эле 33-беренеге ылайык, ар ким мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катышкан юридикалык жактардын, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган уюмдардын иштери тууралуу маалыматтарды алууга укуктуу. Ар кимге мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагында болгон маалыматтарды алууга кепилдик берилет.

Маалымат берүү тартиби "Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө" мыйзамдары менен аныкталган.

Иш жүзүндө процесс иштеп жатат: акыркы он жылда бийлик ачыктаган маалыматтын саны он эсе көбөйдү, ал эми контролдук система мыйзамдардын ушул талаптарынын бузулушуна реакция жасайт. Маалыматка суроо-талапта чоң ролду жарандык коом уюмдары аткарып жатат. Алар өткөн мезгил ичинде мамлекеттик маалымат менен иш алып барууда өз дараметин бир топ жогорулатышты. Бир катар электрондук сервистер жана дайындар базасы, анын ичинде мамлекеттик сатып алуулар порталы, даттануулар жана кайрылуулар порталы иштеп келатат. Башкаруу органдарында мотивация бар. Мисалы, өкмөттөн ыраазычылык алуу, ошондой эле мажбурлоо механизмдери иштейт. Анткени прокуратура мыйзамдын аткарылышына дыкат көз салып келатат. Бул маселе боюнча сот иши да болгон. **Процесс иштейт деп таанылды.**

Ошол эле маалда бул процесс мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматты анализдөө үчүн анын толук, түшүнүктүү жана жеткиликтүү болушун эч кепилдебейт.

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматты талдоо үчүн анын толуктугун, түшүнүктүү болгонун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кармагында турган маалыматка

[1] 2016-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси кабыл алынган. Бул Кодекске отчеттуулуктун принциптери киргизилген. Кыргызстандын эксперттик коомчулугу, жарандык коому аталган ЧУАнын эффективдүү ишке ашырылышына чоң үмүт артууда. Бул Кодекс 2017-жылы күчүнө кирди.

жеткиликтүүлүк жөнүндө мыйзамдын нормалары ачыкка чыгарылыш керек болгон маалыматтын түрлөрүн деталдуу сүрөттөө менен ушундай аракетти көрөт. Анткен менен мыйзам кабыл алынгандан бери тогуз жыл өттү, мыйзам эскирди, анткени алдыга кеткен маалыматтык-коммуникациялык технологияларды, дайындар базасын, башкарууну компьютерлештирүүнү эсепке албайт. Мыйзам машинада окуй турган түрүндө ачык маалыматтарга карата талаптарды камтыбайт жана ачыкка чыгарылыш керек болгон маалыматтардын түрлөрүнө карата көп жакшы эмес. Өкмөттө мотивация, ал эми жарандарда мажбурлоо механизмдери жок. **Процесс иштебейт деп таанылды.**

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: Жарандардын ЖӨБ органдарынын жана мамлекеттик органдардын ишин баалоо системасы

Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларынын жана ошондой эле алардын жетекчилеринин жана Өкмөттүн облустардагы жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн иштерин формалдуу баалоо КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 17-июнундагы №329 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, Бишкек, Ош шаарларынын мэрияларынын жана алардын жетекчилеринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ишин баалоо жөнүндө" токтомунун негизинде жүзөгө ашырылат. Баалоо предмети болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- учурдагы жылга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планында белгиленген жыйынтыктарга жетишүү даражасы (жыйынтыктардын салмактык маанилери колдонулушу мүмкүн);
- жетекчинин жеке планында белгиленген жыйынтыктарга жетишүү даражасы;
- калктын ишеним индекси;
- аткаруучулук тартиптин деңгээли.

Баалоонун төрт предметинин үчөө баалоо административдик отчеттуулуктун алкагында жүргүзүлөрүн жана аткаруу бийлигинин жарандар алдындагы отчеттуулугун эч камсыздабай турганын билдирет. Анткен менен аталган токтом Калктын ишеним индексин баалоо предметин камтыйт. Бул индекс калктын мамлекеттик органдардын жана алардын жетекчилеринин ишине карата мамилесин баалайт. Бирок ишеним индекси Бишкек жана Ош шаарларын кошпогондо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине карата калктын мамилесин баалабайт. Бул болсо индексти отчеттуулук аспабы катары колдонуу баалуулугун бир кыйла төмөндөтүп жатат. Анткени дал ушул ЖӨБ органдары башкаруу системасынын жаранга баарынан да жакын болгон бөлүгү болуп эсептелет. Эгерде жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине баа берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болбосо, анда алар мамлекетке да баа бере албайт дегенди билдирет. Токтом баалоонун жыйынтыктарынын андан кийинки тагдыры кандай болгонун сүрөттөбөйт жана практикада бул баалоонун жыйынтыктары кадрдык чечимге айланбайт. Балким баалоонун жыйынтыктарын өкмөт айрым саясий мамлекеттик кызматчыларга таасир тийгизүү рычагы катары колдонуп жаткан чыгаар. Бирок начар иштеген аткаминерлерди жазалаган ачык жана коомго түшүнүктүү механизмдер жокко эсе. **Процесс иштебейт деп таанылды.**

### ОТЧЕТТУУЛУК ПРОЦЕССИ: Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын жетекчилерин шайлоо

Конституциянын 112-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары мыйзамда белгиленген тартипте шайланат. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 43-беренесине жана 49-беренесине ылайык, ЖӨБдүн аткаруу органдарынын башчыларын жергиликтүү кеңештер шайлайт. Буга ылайык, жарандар ЖӨБ органдарынын жетекчилерине тикелей таасирин тийгизе албайт жана бул жерде саясий отчеттуулук жок. **Процесс жок деп таанылды.**

## Эл аралык тажрыйба

Бийликтин аткаруу бутагынын жарандар алдындагы отчеттуулугу башкаруу органдарынын иш сапатын, кызмат көрсөтүүлөрдү баалоодо зарыл. Бул бир жагынан колдонуудагы эрежелерди жана жазалоо чараларын күчтөндүрүүнү талап кылса, экинчи жагынан жарандар тарабынан баамдалган жана даректүү суроо-талапты күчтөндүрүүнү талап кылат. Эрежелерди жана жазалоону күчөтүү боюнча чаралар Эсеп палатасы жана коррупцияга каршы органдар өңдүү мониторинг жана көзөмөл үчүн жооп берген институттарды түзүүнү же күчтөндүрүүнү камтыйт. Суроо-талап көз карашынан алганда чаралар өзүнө социалдык аудиттерди ишке ашырууну же өкмөттүн ишине жана кызмат көрсөтүүлөргө байкоо жүргүзүү үчүн мониторинг топторун түзүүнү камтыйт. Айрым учурларда мындай аракеттер маалымат эркиндиги жөнүндө мыйзам же жарандардын катышуусу менен бюджет тууралуу актылар өңдүү укуктук аспаптар менен бекемделет.

Эксперттик жамааттын арасында отчеттуулук кызмат көрсөтүүнү жакшыртууга көмөктөшөбү деген суроо ачык кала берүүдө. Теориялык иштерде жооп болбогонуна карабастан практика кызмат көрсөтүүгө отчеттуулуктун оң таасирин тастыктап турат. Отчеттуулуктун бардык төрт өлчөмүн (стандарттар, сурамжылоо, реакция жасоо, жазалоо) баалоодо отчеттуулук менен кызмат көрсөтүүнүн кайсы бир тиби ортосундагы анык же кыйыр байланышта-

рын көрсөткөн көптөгөн мисалдар изилденген. Практикага жасалган анализ көрсөткөндөй, отчеттуулук кызмат көрсөтүүнү жакшыртууга таасирин тийгизет. Анткени бардык учурларда кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу отчеттуулукту камсыздоонун стандарттары жана эрежелери, коомдук уюмдарды жигердүү тартуу, бийлик үчүн отчеттуу болуу стимулу жана бийлик тарабынан реакция жасоону камсыздоо үчүн эффективдүү санкциялар менен коштолгон. Анткен менен ийгиликтүү учурларда да отчеттуулуктун так эрежелерине жана стандарттарына, ошондой эле суроо-талапты жайылтууга көбүрөөк, ал эми мотивациялар менен санкцияларга азыраак көңүл бурулган деген тыянак чыгарылган. Башкача айтканда басым отчеттуулуктун өз ара мамилелерин социалдык жактан өлчөөгө жасалган. Бирок отчеттуу болууга саясий стимулга жетишсиз көңүл бурулуп калган. Ошондой эле структуралык чектөөлөрдү да эсепке алуу маанилүү, алар отчеттуулуктун атүгүл эң мыкты практикаларынын таасирин да нивелирдейт. Мисалы, узакка созулган аскерий диктатура; ири стейкхолдерлердин – кесиптик кошууңдардын, тышкы донорлордун болушу; техникалык мүнөздөгү көптөн бери чечилбей келаткан көйгөйлөр, анын ичинде инфраструктуранын, мисалы, суу түтүк тармактарынын же жолдордун жоктугу.

Айкындуулук жана отчеттуулук маселелери боюнча жергиликтүү реформаларды баштоо аракетин көрүп жаткан эл аралык демилгенин кызыктуу мисалын Ачык өкмөт берет. Ачык өкмөт катышуучу-өкмөттөрдү жарандык коомдун катышуусу менен иштелип чыккан жана туруктуу түрдө мониторингден өткөн өкмөттүн иш-аракеттеринин ачык планын ишке ашырууга милдеттендирет. Бирок өкмөт бир нече сунушка гана макул болгон учурда деле Ачык өкмөткө кирүүгө жол ачканы үчүн бул демилгени айрым байкоочулар сынга алган. Анткен менен демилге мактоого арзыйт. Анткени үч жылдын ичинде 35 өлкөдө 194 дымактуу реформаны ишке ашырууга көмөктөшкөн. Ушул тапта Кыргызстан Ачык өкмөткө кирбейт, бирок бул өкмөттү отчеттуу болушуна мажбурлоонун олуттуу стимулу жана механизми боло алат.

Анткен менен өкмөттөр бир чөйрөдөгү отчеттуулук демилгелерине кол коюп, ошол эле маалда карамакаршы багытта жолго түшүшү мүмкүн экенин түшүнүү маанилүү. Отчеттуулук элесин берген, бирок иш жүзүндө өкмөт менен бизнестин ортосундагы соода предметине айланган формалдуу процесстерден оолак болуш үчүн жарандардын толук кандуу катышуусу мындай демилгелердин экинчи бөлүгү эмес, анын ажыратылгыс бөлүгү болушу керектигин ИПДОнун мисалы көрсөтүүдө. Башка бир мисал – Орусия. Бул жерде отчеттуулукта маалыматтык жана коммуникациялык технологияларды колдонуу ыкчам өнүгүүдө. Алгач Өкмөт Ачык өкмөткө кирүү демилгесин колдоп чыккан. Анткен менен иш жүзүндө кызмат адамдары менен жарандар ортосундагы тикелей байланышка, электрондук кызмат көрсөтүүгө көмөктөшкөн жана колдонуучулардын жүрүм-турумун тыгыз көзөмөлдөгөн платформаларды жайылтууну колдой баштаган. Ушундай айрым бир демилгелер, мисалы, жарандарды муниципалдык көйгөйлөр тууралуу билдирип турууга шыктандырган платформалар колдонуучулардын олуттуу санын тартып, даттанууларга реакция жасоодо эффективдүү ыкма катары көрсөткөн. Бирок күчтүү жактарына карабастан бул демилгелер практикада отчеттуулук контекстинде өтө эле чектелүү мааниге ээ. Анткени жарандардын катышуусуз, кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн жооптуу тараптардын кызыкчылыгында гана, жогорудан төмөн карай түзүлгөн. Эл аралык изилдөөчүлөр мындай платформалар негизинен маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө мыйзам чыгаруучулук нормаларга шайкеш келүү үчүн гана түзүлөөрүн, иш жүзүндө жарандардын чыныгы муктаждыктарына толук жооп бере албай турганын, аягына чейин колдонулбай калаарын айтышат.

Беларуста жарандар менен жигердүү байланыш түзүү жана даттанууларга жооп кайтаруу үчүн суу менен жабдуу, жылуулатуу секторлорунда өкмөттүн отчеттуулугунун бир нече механизми бар. Бирок жарандар анын эки кемчилигин белгилешет: жарандардын талаптарынын мазмунуна карата даттанууларга жооптордун сапаты канааттандырбайт жана айкындуулук жетишсиз. Башкача айтканда даттануулардын жана аларга жооптордун өздөрү жарыяланбайт жана сапатты көзөмөлдөөнүн айкын механизмдери жок. Ушул өңдүү кырдаал Кыргызстанда да өкмөттүн КАТТАР.КГ даттануулар жана сунуштар порталына карата да түзүлдү. Ошондой эле Кыргызстанда бийлик органдарынын калк менен иштешүүнүн системалык ишине азыраак көңүл бурулат, эч ким коомдук иш-чаралардын жолжоболоруна көз салбайт, бийлик өкүлдөрү болгон ЖӨБ органдары катышкан чогулуштардын, жыйындардын катышуучуларынын саны көңүл сыртында кала берет, атүгүл коомдук иш-чаралардын максаттарына карата да талап жок. Анткени максат көп учурда мындай иш-чаралардын форматын жана мазмунун аныктайт, ошондой эле иш-чаранын уюштуруучуларына белгилүү бир милдеттенмелерди жүктөйт. Чындыгында айырма бар: чечимдер долбоору тууралуу калктын пикирин изилдөө, же кабыл алынган чечимдер тууралуу маалымдоо. "Бийлик" органдары калктын пикири эсепке албаса да, бирок жарандар "бугун" чыгарып алсын деп алар менен жолугушуу практикасы кеңири жайылган. Шайлоого келгендердин саны түрдүү деңгээлдеги бийлик өкүлдөрү үчүн маанилүү индикатор бойдон калганы менен, көптөр шайлоого катышуу менен жергиликтүү чогулуштарга жана жыйындарга катышуу ортосундагы байланышты көрө албай келатышат. Бирок жергиликтүү чогулуштар жана жыйындар маңызы боюнча шайлоо ортосундагы мезгил аралыгында отчеттуулуктун институционалдаштырылган элементи болуп калышы керек.

Камбоджада жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана 1800 жамааттын жарандары бир нече

жыл бою төмөнкүлөрдүн үстүнөн иштеди: 1) жергиликтүү деңгээлде айкындуулук жана маалыматка жеткиликтүүлүк; 2) бюджеттерди ачуу жана түшүндүрүү; 3) ЖӨБ органдарынын ишине жана жарандар тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө мониторингди уюштуруу. Кыргызстанда ушул өңдүү бир катар долбоорлор ишке ашырылып келет. Алардын ичинен Швейцария Өкмөтү колдоого алган ЖӨБ органдары менен жарандардын өнөктөштүгү боюнча демилге эң ириси жана узак мөөнөттүүсү деп эсептелет. Бирок Камбоджа менен салыштыра турган болсок, Кыргызстандын тажрыйбасы дагы да прогрессивдүү болууда. Анткени долбоордун максаты Камбоджанын жыйынтыгына салыштырмалуу көбүрөөк туруктуу мүнөзгө ээ жана биргелешкен мониторинг жана жарандар тарабынан жүргүзүлгөн мониторинг процессин орнотууга багытталган.

Эфиопияда үч жыл ичинде 90% ашуун муниципалитет бюджетти жана чыгаша маалыматтарды жарыялаган. Улуттук деңгээлде жасоо мүмкүн болбогон иш жергиликтүү деңгээлде жасалды. Базалык кызмат көрсөтүүлөрдү пландоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча укуктар жана милдеттер тууралуу маалыматты 70 миңден ашык киши алды. Программага камтылган муниципалитеттердин 36% кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча иш-аракеттердин биргелешкен планын иштеп чыгышты. Кыргызстанда Швейцария өкмөтүнүн демилгеси боюнча жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча ушул өңдүү программа иштеп келатат. Кыргызстандагы программанын артыкчылыгы – бул жерде жарандардын саны башкы маселе эмес. Программа жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү түзүүдө ЖӨБ органдары менен жамааттын өз ара аракеттенүүсүнүн универсалдуу моделдерин түптөө максатын көздөйт. Эфиопиядагы тажрыйбанын олуттуу айырмасы – даттануулар менен иштеген Акыйкатчы институтунун ролун күчтөндүрүү. Бул үчүн Акыйкатчынын өкүлчүлүктөрү бардык аймактарда, атүгүл элет жергелеринде да ачылган. Натыйжада даттануулардын 40 пайыздан ашыгы иликтенип, канааттандырылган, ал эми калгандары же жүйөсүз, же акыйкатчынын компетенциясына кирбеген даттануулар болуп калган. Кыргызстанда тилекке каршы, акыйкатчы сыяктуу отчеттуулуктун маанилүү кепили отчеттуулук процесстерине такыр эле катышпайт.

## Сунуштамалар

Бул жупта отчеттуулуктун зарыл болгон алты процессинин ичинен толук көлөмдө бирөө гана бар – маалыматка жеткиликтүүлүк. Мындан улам калган беш процессти ишке киргизүү жаатында аракеттер көрүлүүгө тийиш.

Жарандардын артыкчылыктарына негизделген өнүгүүнү пландоого карата пландоонун колдонуудагы механизмдерин жана эрежелерин кайра карап чыгуу зарыл. Муну менен өнүгүүнүн жергиликтүү жана улуттук мамлекеттик программалары ортосундагы байланышты камсыздаш керек. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги өз алдына дал ушундай тапшырманы коет жана атүгүл алыскы аймактарда айрым бир пилоттук долбоорлорду ишке ашырып келатат. Бирок алардын жыйынтыктары ченемдик укуктук базада институционалдаштырып, өлкө аймагы боюнча жайылтуу зарыл.

Кызмат көрсөтүүлөргө жана мамлекеттик чыгашаларга коомдук мониторинг жол-жоболорду жана регламенттерди иштеп чыгууга, ошондой эле аны жүзөгө ашырууда коомдук топтордун потенциалын жогорулатууга муктаж. Ошондой эле бул жерде башкаруу органдары чечим кабыл алып жатканда бул мониторингдин жыйынтыктарын колдонушу үчүн мотивация жана жазалоо механизмдерин киргизүү талап кылынат. Мындан тышкары мониторинг процессине Акыйкатчы институтун кошуу керек жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча уюмдар мониторинг жүргүзүшү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө карата алардын дараметин жогорулатуу менен, укуктук талаа түзүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу зарыл.

Маалыматтын толук, түшүнүктүү жана жеткиликтүү болушун камсыздоо процесси маалымат берүүнүн форматтарын иштеп чыгуу боюнча мамлекеттен көбүрөөк аракеттерди талап кылат. Бул маалыматтар ачык талкууланып, коомчулуктун кеңири чөйрөсүнө түшүнүктүү болууга тийиш. Ошондой эле мамлекет олуттуу маалыматты берүү багытында дайындар базасына карата мамилесин карап чыгышы керек. Бул маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө мыйзамдын жаңы редакциясын кабыл алууну талап кылат. ММКнын аналитикалык потенциалын жана эксперттик коомчулук менен өз ара аракеттенүүсүн күчөтүүдө колдоо керек.

ЖӨБ органдары менен мамлекеттик органдардын жана алардын жетекчилеринин ишин баалоо системасы реформага муктаж. Биринчи кезекте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишин баалоонун критерийлерин жана механизмдерин иштеп чыгып, жарандар тараптан үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүү механизмдерин түзүү зарыл. Ушуну менен бирге мунун баарын сөзсүз эле өкмөт деңгээлинде жасабаш керек. Болгону ченемдик укуктук базада эрежелерди орнотуп, анын аткарылышына көзөмөлдү камсыздоо зарыл. Бул механизмдер мотивация жана жазалоо өлчөмдөрүн камтыш керек. Мамлекеттик органдарга карата айта турган болсок, мамлекеттик органдардын жетекчилеринин мындан аркы карьерасына баалоонун жыйынтыктары таасир тийгизе тургандай айкын механизмдерди коомго көрсөтүү керек. Ошондой эле калктын ишеним индексинин таасири тийгендей механизм болушу керек. Баалоо системасына калктын ишеним индексинен тышкары да башка аспаптарды кошуу зарыл. Мисалы, КАТТАР.КГ даттануулар жана кайрылуулар үчүн порталга сапаттуу анализ жасалууга тийиш. M

# Саламаттык сактоо системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапаты тууралуу маалыматты төмөндөн жогору карай берүү механизми: жергиликтүү жамааттан улуттук деңгээлге карай

Саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрү чөйрөсүндөгү социалдык отчеттуулукту күчөтүү максатында “АДК үнү” Долбоору жарандарга Айылдык ден соолук комитеттеринин потенциалын жигердүү колдонууну сунуштады. Бул болсо башкаруунун борбордук жана жергиликтүү деңгээлдери ортосундагы байланышты камсыздоо максатында сунушталды. Аны менен катар долбоордун жыйынтыктары боюнча КАДК Ассоциациясы медициналык кызмат көрсөтүүлөр маселелери боюнча Саламаттык сактоо министрлигинин (СМ) түзүмдөрү жана КР Медициналык камсыздандыруу фонду (МКФ) менен өз ара аракеттенүүнүн жаңы механизминин колдонуу ниети бар. Бул механизм “АДК үнү” долбоорунун алкагында иштелип чыккан, АДК аркылуу өткөрүп берүү үчүн маалымат чогултуу бөлүгүндө жарым-жартылай сыналган жана андан ары ишке ашыруу үчүн КАДК Ассоциациясына берилген.

Саламаттык сактоо системасындагы дагы бир көйгөй – бул система чечим кабыл алуу үчүн маалымат бөлүгүндө жабык жана өз алдынча иштейт. Кызмат көрсөтүүлөрдү баалоону саламаттык сактоо системасынын бөлүмдөрү өздөрү жүргүзөт, бул болсо сырттан тең салмактуу көз чаптырууга мүмкүнчүлүк бербейт. Саламаттык сактоо системасында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын сырттан баалаган маалыматтарды чогултуучу туруктуу жана жакшы иштеген механизми жок. Чечим кабыл алуу үчүн тиешелүү органдарга АДК тарамы аркылуу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты тууралуу жергиликтүү жамааттардан маалыматтарды берүү механизми кандай болушу керектигин аныктоо үчүн “АДК үнү” Долбоору жыйынтыктоочу баскычында кошумча аракеттерди жасады.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) сунушталган механизмди жайылтууда өзгөчө кызыкдар жак катары аныкталды. Мында ММКФнын өзүнүн максаттары жана ишмердүүлүгү эсепке алынды. Республиканын саламаттык сактоо системасында рыноктук механизмдерди жайылтуу үчүн медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн (СМ жана саламаттык сактоо мекемелери) жана медициналык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөчү-сатып алуучунун (ММК Фонду) иш-милдеттери бөлүштүрүлдү: ММК Фонду медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуучу катары чыгат, ал эми Саламаттык сактоо министрлиги медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү ролун аткарат. ММК Фондунун ишине калкка көрсөтүлгөн медициналык кызматтардын сапатын баалоо жана андан кийин ал үчүн Саламаттык сактоо министрлигине акы төлөө кирет. ММК Фонду сатып алган медициналык кызмат көрсөтүүлөргө натыйжалуу мониторинг жүргүзүүгө өтө кызыкдар. Үзгүлтүксүз тышкы мониторинг көп чыгымды талап кылганын эске алганда, АДК ММК Фондуна мониторинг жүргүзүүнүн салыштырмалуу арзан, бирок ишенимдүү ыкмасын сунуштай алат. Ошентип ММК Фондун бул механизмди жайылтууда кызыкчылыгы бар оюнчу катары караса болот.

АДКнын медициналык кызмат көрсөтүүлөр маселелери боюнча Саламаттык сактоо министрлигинин түзүмдөрү жана КР Медициналык камсыздандыруу фонду менен өз ара аракеттенүү механизминин маңызы мында жатат: алынган медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты тууралуу элеттик жамааттардын пикирлерин эсепке алуу жана топтолгон маалыматты андан ары АДК тарамы аркылуу саламаттык сактоонун аймактык мекемелеринин деңгээлинен улуттук деңгээлге – КР Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММК Фондунун деңгээлине АДК Ассоциациясы аркылуу өткөрүп берүү. Муну менен бул механизм АДК тарамынын жана АДК Ассоциациясынын потенциалын толук көлөмдө колдонууга жол ачат.

Долбоор республиканын бардык аймактарында жайгашкан 11 муниципалитетте пилоттук АДКлар аркылуу маалыматтарды чогултуп чыкты. Бул маалыматтарда медициналык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө калк кайсы көйгөйлөрдү өзү үчүн эң эле артыкчылыктуу жана маанилүү деп эсептей турганы айтылат. Бул маалыматтардын негизинде АДК баштапкы деңгээлде көрсөтүлгөн медициналык кызматтарды баалоого ийгиликтүү тартыла

***1-таблица. Саламаттык сактоо маселелери жана алардын багыты боюнча кошумча суроолор***

| № | Суроо | Суроонун максаты |
|---|---|---|
| 1 | Эгерде ден соолугуңузга байланышкан маселе пайда болсо (чукул кырдаалдар, оору өтүшүп кеткен учурда, кийинкиге калтырууга мүмкүн болбогондо, балдар жана кош бойлуулар), сиз биринчи кезекте кимге же кайда кайрыласыз? Эмне үчүн? | Саламаттык сактоо системасы менен өз ара аракеттенүү боюнча респонденттердин тажрыйбасы тууралуу жалпы маалыматты алуу. Б.а., түрдүү ооруларга чалдыкканда адатта адамдар кайда кайрылышат жана бул тандоо кандай факторлор менен шартталган |
| 2 | Ооруганда дайыма эле медициналык жардам сурап кайрыласызбы? Эгерде дайыма кайрылсаңыз, анда эмне үчүн? Жеке тажрыйбаңыздан мисал келтириңүңүздү өтүнөбүз. | Медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү алууда түрдүү тоскоолдуктарды аныктоо |
| 3 | ФАП/ҮДТ, райондук үй-бүлөлүк медицина борбору, ТБ жана облустук саламаттык сактоо бөлүмү деңгээлинде көрсөтүлгөн кызматтардын эмнеси жагат жана эмнелери жакпайт? Түшүндүрүп берүүңүздү өтүнөбүз. | Респонденттердин медициналык кызмат көрсөтүүлөргө канааттануу деңгээлин жана ошол канааттанууга таасирин тийгизген факторлорду аныктоо |
| 4 | Дарылануунун жыйынтыктарына ыраазы болдуңуз беле? Ооба/жок жана эмне үчүн? Өтүнүч, мисалдарды келтириңиз. | Алынган медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты/натыйжалуулугу тууралуу респонденттердин пикирлерин алуу (оң, терс) |
| 5 | Жогоруда саналган терс өңүттөрдүн ичинен, сиздин баамыңызда, биринчи кезекте кайсынысын чечүү керек деп ойлойсуз? | Саламаттык сактоо системасы менен өз ара аракеттенүүдө аныкталган көйгөйлөрдүн артыкчылыктуусун тандап алуу |


***2-таблица. 11 пилоттук аймакта өткөрүлгөн ЖМБА жыйынтыктарынын негизинде медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү алуудагы көйгөйлөр (апрель-июнь, 2017-жыл)***

| Саптардын аталышы | Пайыздык катышта | Көйгөй аныкталган аймактардын саны (максимум 11) |
|---|---|---|
| Системалуу көйгөйлөр жана тапшырмалар (КР СМ, ММКФ деңгээли) | | |
| Дарыгерлер бейформалдуу төлөмдөрдү алышат | 91% | 10 |
| Биринчи медициналык тез жардам (БМТЖ) деңгээлинде медициналык тейлөөнү алуудагы кыйынчылыктар (кадрлардын жетишсиздиги жана/же жетишсиз квалификация) | 64% | 7 |
| Тез жардамдын канааттандырбаган иши/Оорулууларды жеткирүүгө байланышкан көйгөйлөр | 55% | 6 |
| Жашаган жерде дарыкананын жоктугу | 36% | 4 |
| Дарыгерлер кайсы бир дарыканалар менен макулдашып алышат | 36% | 4 |
| Жаш кадрлардын жетишсиздиги | 27% | 3 |
| Тар адистердин жетишсиздиги | 18% | 2 |
| Лабораториялардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн жеткиликтүүлүгү | 18% | 2 |
| Эскирген жабдуулар | 18% | 2 |
| Көйгөйлөр жана тапшырмалар (райондук саламаттык сактоо уюмдарынын деңгээлинде) | | |
| Бейтаптарга карата тоотпогон мамиле | 45% | 5 |
| Медициналык тейлөөнү алуудагы кыйынчылыктар (кезектер) | 45% | 5 |
| Райондук ооруканалардын же ҮДТ кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктүн татаалдыгы (каттоо) | 18% | 2 |
| Оорулуулардын тамактануусуна карата талаптар тууралуу маалыматтын жоктугу | 9% | 1 |
| Медициналык тейлөөгө жеткиликтүүлүк татаал (Соцфонддо карызы болбогону тууралуу маалымкат талап кылышат) | 9% | 1 |
| Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарда медициналык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктүн чектелүү болгону | 9% | 1 |

алышары аныкталган. Фельдшердик-акушердик пункттардын жана үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунун ишин, ошондой эле тез медициналык жардамдын ишин баалоо – элет калкы күн сайын буларды көрүп жүрөт жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты тууралуу өз пикирин айта алышат. ММК Фонду үчүн бул кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына байланыштуу чечим кабыл алуу үчүн кошумча маалымат болуп берет.

Анткен менен саламаттык сактоо системасынын кызмат көрсөтүүлөрү жаатындагы көйгөйлөрдү аныктоо үчүн буга чейин долбоордо колдонулган ЖМБА механизмин адаптациялоо керек эле. Бул үчүн ЖМБАга фокус-топтордун катышуучуларын саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатына тиешелүү маселелерди талкуулоого багытталган суроолор камтылды. Кошумча суроолорду 1-таблицадан көрсөңүз болот.

***1-сүрөт. АДКнын саламаттык сактоо секторундагы институттар менен өз ара аракеттенүү механизми***




11 АДКнын өкүлдөрү саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр маселелери боюнча ЖМБА методологиясы боюнча нускамадан өтүштү жана алардын алдына ЖМБАны өткөрүү боюнча тапшырма коюлду. 2017-жылдын биринчи жарым жылында 11 аймакта өткөрүлгөн ЖМБАнын жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй натыйжалар болду (2-таблицаны караңыз).

Жогоруда келтирилген маалыматтардан көйгөйлөрдүн мүнөзүн жана алар калкты канчалык тынчсыздандырарын көрүүгө болот. Наааразылык үчүн көбүрөөк себеп болгондордун ичинен системалуу мүнөздөгү көйгөйлөрдү көрүүгө болот (бейформал төлөмдөр, тез жардамга, дарыканаларга, лабораторияларга жеткиликтүүлүктүн төмөндүгү, кадрлардын жетишсиздиги жана/же төмөн квалификация, өзгөчө ҮДТ жана ФАП деңгээлиндеги медайымдардын жана фельдшерлердин квалификациясы; ж.б.). Бул көйгөйлөрдү негизинен улуттук деңгээлде гана чечүүгө болот. Көйгөйлөрдүн башка бир бөлүгү көбүрөөк уюштуруучулук мүнөзгө ээ (адистердин кабыл алуу сааттары/кезектер; дарылануу боюнча маалыматтын жетишсиздиги ж.б.) жана бул маселелерди саламаттык сактоонун жергиликтүү уюмдарынын деңгээлинде чечүүгө болот.

Белгилей кетүүчү жагдай, долбоор саламаттык сактоо секторундагы институттар менен АДКнын өз ара аракеттенүүсүнүн алдын ала механизмин сунуштаган (1-сүрөт). Ошентип, бул механизмде маалымат булагы катары жергиликтүү жамааттын өзү болот. Ал кызмат көрсөтүүнү комплекстүү карайт жана адатта кайсы кызмат көрсөтүүлөр үчүн кайсы орган жооп берээри тууралуу так биле бербейт. Эгерде саламаттык сактоо сектору үчүн кызмат көрсөтүү адам медициналык мекеменин босогосун аттагандан тартып башталса, кадимки адам үчүн кызмат көрсөтүүнү алуу анын үйүнүн босогосунан башталат. Сага квалификациялуу жардам бере ала турган жерге кантип жетсе болот? Мына ушул жерден эле карапайым элеттиктин жолунда көптөгөн көйгөйлөр пайда болот. Көпчүлүк алыскы айылдарга тез жардам бара албай калат. Ооруканага жетиш үчүн машинени өз алдынча табышың керек же коомдук транспортту колдонууга мажбур болосуң. Элеттик фельдшерлер Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна багыттагандан башка эч нерсени сунуштай алышпайт. Көпчүлүк чакан айылдарда өмүрдү сактап кала турган дары-дармектерди тез сатып ала тургандай дарыканалар жок. Араңдан зорго ҮДТ же ФАПка жеткен күндө да дарыгер же фельдшер ордунда болбой калышы мүмкүн. Аларды өз ордунда тапсаң да бейформал төлөмдөр жана лабораториялардын жоктугу оорулууларда андан ары дарылануу каалоосун жок кылат. Мына ушундай кыйынчылыктардын баарын адам толук кандуу кызмат көрсөтүүлөрдү алуу жолунда башынан өткөрөт жана бул саламаттык сактоо секторуна болгон ишенимди азайтууда. Айласы кеткен адамдар салттуу эмес медицинага кайрыла баштайт. Анткени ал салттуу медицинага караганда жеткиликтүү жана жакын. Калктын ишеним индексин эсептөөнүн алкагында 2017-жылдын биринчи жарым жылы үчүн Саламаттык сактоо министрлиги эң эле төмөнкү көрсөткүчтөрдүн бирине ээ болду – 11,0. Мамлекеттик органдардын ичинен андан азыраак ишенимди КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу боюнча мамлекеттик кызмат жана КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы гана алды. Бул Саламаттык сактоо министрлигин түзүлгөн кырдаал тууралуу ойлонуп, калк жана башка тармактар менен иш алып барууга көбүрөөк көңүл бурууга түртүшү керек.

Сунушталган механизмдин алкагында жергиликтүү жамаат менен Саламаттык сактоо министрлигинин өз ара аракеттенүү процессинин биринчи этабында райондук деңгээлде чечүүгө боло турган көйгөйлөргө жана тапшырмаларга көңүлдү буруу зарыл. Б.а., райондук деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарынын (ҮМБ, ТБ жана Жалпы дарыгерлер практикасынын борбору - ЖДПБ) жетекчилери менен мамилени жөнгө салууга киришүү керек. Бул иштин демилгечилери болуп Райондук ден соолук комитеттери чыга алат. Алар район боюнча айыл деңгээлинде АДК чогулткан маалыматтарды бириктирип, андан ары район деңгээлиндеги саламаттык сактоо уюмдарына өткөрүп берсе болот. Өз кезегинде район деңгээлиндеги саламаттык сактоо

уюмдарынын жетекчилери тарабынан да бул процесске катышуу каалоосу жана колунан келишинче көйгөйдү чечүүгө аракети болушу керек.

Райондун деңгээлинде чечүүгө мүмкүн болбогон жана системалуу мүнөздөгү түзөтүүлөрдү талап кылган калган артыкчылыктуу көйгөйлөр улуттук деңгээлге багытталат. Бул этапта эң маанилүүсү – маалымат берүү каналын аныктап алуу. Канал канчалык көп жана кеңири болсо, маалымат даректелүүчүгө жетет деген ыктымалдуулук да ошончолук жогору болот. Маалымат берүүнүн негизги каналы катары КАДК Ассоциациясы өзү кызмат кылат. Анткени улуттук деңгээлде турат жана бул үчүн жетиштүү потенциалга ээ. Мындан тышкары маалымат берүү каналдары катары Саламаттык сактоо министрлигинин түзүмдөрү, райондук мамлекеттик администрациялар, саламаттык сактоо секторунун маселелерине фокус жасаган райондук жана улуттук деңгээлдеги координациялык кеңештер, Жогорку Кеңештин депутаттары, Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Коомдук байкоочу кеңеш, бардык мүмкүн болгон коомдук бирикмелер жана улуттук деңгээлдеги коммерциялык эмес уюмдардын ассоциациялары жана албетте ММК. Жогоруда берилген көптөгөн факторлордун ичинен сунушталган механизмди колдой ала турган жана аны андан ары жайылтып, бекемделишине көмөктөшө тургандарды табууга мүмкүн.

Механизмди жайылтуу этап-этабы менен жүрөт. Ал район деңгээлинен башталат, анын ичинде биринчи кезекте элет жергесиндеги ҮДТ/ФАПтын персоналы, андан соң райондук ҮМБ, ТБ жана ЖДПБ. Мындан тышкары жетишилген макулдашууга ылайык, КАДК Ассоциациясы Ысык-Көл облусунун пилоттук райондорунда ММКФ менен кызматташа баштады. Биринчи этапта АДК ишмердүүлүгү тажрыйба топтоого жана АДК менен КР Саламаттык сактоо министрлигинин өз ара аракеттенүү механизмин андан ары иштеп чыгуу боюнча пландарын түзүүгө, министрликтин өзүн кошкондо, саламаттык сактоо системасынын бардык деңгээлдеринде туруктуу кызматташтыкты күчөтүүгө жол ачат.

Долбоор Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММК Фондунун өкүлдөрү менен бир нече жолугушууларды өткөргөн. Фонд сунушталган механизмди жайылтуу боюнча иштерди улантууга кызыкдарлыгын билдирген. КАДК Ассоциациясы менен ММК Фонду ортосундагы макулдашуу долбоордун ишинин жыйынтыгы болуп калды. Бул макулдашуу андан кийин КАДК Ассоциациясынын жаңы долбоорунда бекитилди. Долбоор КАДК Ассоциациясына механизмди андан ары жайылтуу боюнча өз иштерин өткөрүп берди. Анткени башынан эле жигердүү түрдө жайылтуу ишин КАДК Ассоциациясы колго алат деген план менен бул механизм иштелип чыккан.

# Калктын АДКга болгон ишеними өстү



2017-жылдын башында “АДК үнү” Долбоору 25 пилоттук айылдын калкы арасында өз күчү менен сурамжылоо жүргүзгөн. Алынган жыйынтыктар долбоордун прогрессине жасалган анализге иллюстрация болуп берди. Анткени 2015-жылы өткөрүлгөн ушундай эле сурамжылоонун жыйынтыктары менен жоопторду салыштырууга жол берди. Сурамжылоого 678 бенефициар – пилоттук АДК иштеген пилоттук айылдардын жашоочулары катышты.

Кыргызстанда элдин бийликке болгон ишеними тууралуу акыркы жылдары барган сайын катуурак айта баштады. Калктын пикирин эсепке алуу үчүн 2012-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Калктын ишеним индексин эсептеп келатат жана динамика көрсөткөндөй, калктын бийлик органдарына болгон ишеними өсүүдө. 2012-жылдын этегинде 5,5 көлөмүндө болгон индекстин терс маанисинен бул көрсөткүчтү 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгынын соңунда 26,6га чейин көтөрүү мүмкүн болду. Калктын жергиликтүү бийлик органдарына болгон ишеними да өсүүдө. Айталы, 2012-жылы 15,4 деген чекиттен башталып, 2017-жылдын биринчи жарым жылынын соңунда көрсөткүчтү 42,9га чейин жогорулатуу менен жергиликтүү бийлик органдары калктын ишенимине ээ болушту.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөчө элет жергелеринде калкка баарынан да жа-



кын бийлик органы катары конкреттүү аймактын жана конкреттүү жамааттын социалдык жана экономикалык өнүгүүсү үчүн өз жамааттары алдында жоопкерчиликтин чоң жүгүн өздөрүнө алышкан. Оң маанайдагы өзгөрүүлөр калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы мамилелер өзгөргөнүн тастыктап турат.

Өткөн жылдары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймактын жана жамааттын өнүгүүсү боюнча милдетенмелерди өзүнө алгысы келбегени негизги көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелген. Бул жерде кептин баары жергиликтүү бюджеттин чектелүү болгонунда эмес. Анткени бюджети чакан болсо да жергиликтүү өз алдынча башкаруу оң динамиканы сактап келген мисалдар көп эле. Кептин баары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өзүн өзү идентификациялоосунда жатат. Алар өздрүн жамаатка кошушабы же мамлекеттик машинанын бир бөлүгү катары гана карашабы – кеп ушунда. Бул көйгөй аткаруучу органдарга – айыл өкмөтүнө жана мэрияга гана эмес, жергиликтүү кеңештерге да тиешелүү. Депутаттар айлык акыны жана мүмкүн болгон жеңилдиктерди талап кылуу менен, өздөрүн мамлекеттик кызматчылардын категориясына кошуу аракетин токтотпой келишти. Жамааттын үнүн жеткирүү үчүн депутатты өзүнүн өкүлү катары шайлоо менен жамаат аларга миссияны жүктөп жатканын түшүнбөстөн көптөр шайлоого барышат. Депутаттарды тандап алуу уруучулук же кландык тиешелүүлүгү принциби боюнча ишке ашууда. Бул көйгөй азыркы күнгө чейин курч турат жана адамдар кантип жана кимге өз добушун берип жатканын түшүнө тургандай калктын аң-сезимин өзгөртүү зарыл.

**_1-таблица. Сизди АДК жасаган иш канааттандырдыбы?_**

| Жооптордун варианттары | 2015 | 2017 |
|---|---|---|
| Толугу менен канааттандырды | 58,7% | 67,9% |
| АДК көбүрөөк иш жасай алмак | 34,0% | 27,3% |
| Канааттандырган жок | 1,0% | 2,2% |
| Жооп бере албайм | 2,9% | 2,6% |
| Жооп жок | 3,4% | |
| Жалпы жыйынтык | 100,0% | 100,0% |

**_2-таблица. Бул жылы АДК демилгеси менен көтөрүлгөн көйгөйлөр чечилдиби же чечилип жатабы?_**

| Жооптордун варианттары | 2015 | 2017 |
|---|---|---|
| Ооба, көйгөйлөр чечилди | 34,7% | 51,3% |
| Ооба, жарым-жартылай чечилди же жакын арада чечилет | 54,7% | 42,9% |
| Жок, көйгөйлөр чечилген жок | 5,1% | 2,9% |
| Жооп бере албайм | 4,1% | 2,9% |
| Жалпы жыйынтык | 100,0% | 100,0% |

Өз кезегинде айыл өкмөтүнүн башчылары жана кызматкерлери өз жамааттары алдында жоопкерчиликти сезишпейт. Алар өз жамаатынын көйгөйлөрүн чечүү үчүн шайланганын жана дайындалганын эстеринен чыгарып коюшат. Өз жамааты тарабынан наразылыкка караганда, аларды мамлекеттик органдар алдындагы жоопкерчилик көбүрөөк кооптондурат. Анткени дайыма эле оолак болуп, калк менен өз ара аракеттенүүнү таптакыр эле токтотуп коюу тактикасын тандап алса болот да. Тилекке каршы, дал ушундай мамиле үчүн калк кызматкерлерди жана атүгүл айыл өкмөт башчысын да жоопкерчиликке тарта албайт. Өз кезегинде мамлекеттик органдар да айыл өкмөтүнө барган сайын көбүрөөк иш-милдеттерди жүктөп, муну менен башчылардын аң-сезиминде башаламан артыкчылыктарды бекитип коюшат.

Анткен менен калктын ишеним индексиндеги өзгөрүүлөр жергиликтүү бийлик органдарынын ишинде бир нерсе өзгөргөнүн көрсөтүп турат. Салыштырмалуу анализ биз эмнелерди жакшыраак жасап, бул иштерди уланта беришибиз керектигин түшүнүү үчүн зарыл. Анткени калктын ишеним индексин жогорулатуу коомчулукта чыңалуу азайганын кыйыр түрдө тастыктап турат. Бул болсо ыңкылаптардан жана элдик толкундоолордон чарчаган Кыргызстан өңдүү чакан өлкө үчүн өтө маанилүү.

Эмесе, биз мындан кандай пайдалуу сабак алсак болот жана эмнелерди жакшыраак жасай баштаганыбызды кантип түшүнө алабыз? Мындан ары да кайсы иштерди уланта алабыз? “АДК үнү” долбоорунун алкагында орун алган өзгөрүүлөрдү мисал катары кароо менен бул суроолорго жоопторду таба алабыз. Айылдык ден соолук комитеттеринин – бир айылдын же анын бир бөлүгүнүн деңгээлинде эллтик жамааттын ден соолугунун кызыкчылыгында иш алып барган жамааттык уюмдардын потенциалын жогорулатуу бул долбоордун максаты болду. Долбоордун иш-чараларын ишке ашыруунун алкагында тандалып алынган АДК саламаттык детерминанттары маселелери боюнча өз жамаатынын кызыкчылыктарын илгерилетүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнү үйрөнүштү. Иштин бардык этаптарында АДК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары биргелешип иштешти. Экөөндө тең бул процессте бирибиринин ролун түшүнүү пайда болду.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары да, тандалып алынган АДК да биргелешип көптөгөн артыкчылыктуу жергиликтүү көйгөйлөрдү

***3-таблица. АДК уюштурган ЖМБА-иш-чараларынан тышкары дагы кандай иш-чараларга катыштыңыз?***

| Жооптордун варианттары | 2015 | 2017 |
|---|---|---|
| Жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты алдым | 38,1% | 52,1% |
| АДК ишмердүүлүгү тууралуу маалыматты алдым | 47,0% | 57,4% |
| Оорулар жана аларды алдын алуу жолдору тууралуу маалыматты алдым | 63,8% | 56,4% |
| Башкасы (сүрөттөп берүүңүздү өтүнөбүз) | | 2,1% |

***4-таблица. Сиздин баамыңызда, айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү коомчулук үчүн өз ишинде канчалык ачык?***

| Жооптордун варианттары | 2015 | 2017 |
|---|---|---|
| Ачык жана айкын | 39% | 48% |
| Кайсы бир учурларда ачык жана жарым-жартылай маалымат беришет | 44% | 41,0% |
| Жабык жана маалымат беришпейт | 7% | 7,9% |
| Жооп бере албайм | 9% | 2,9% |
| Жооп жок | 1,8% | 3,2% |
| Жалпы жыйынтык | 100,0% | 100,0% |

чече алышты. Мунун натыйжасында калктын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына болгон ишеними артты. Бул тууралуу калктын пикириндеги өзгөрүүлөр айтып турат. Себеби калк жамааттардагы оң өзгөрүүлөрдү өз көзү менен көрүп турду. Эгерде 2015-жылдын башында пилоттук муниципалитеттердеги калк арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жамаат алдында ачык жана алардын иши айкын жүрөт деп 39% гана айтса, 2017-жылдын башында бул көрсөткүч 10% өстү. АДК менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эки жылдан берки биргелешкен ишинин жыйынтыгы мына ушундай олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди.

Бул өзгөрүүлөргө долбоордун иш-чаралар цикли көмөктөштү. Алар жамааттын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоого, коомдук талкууларга жана акыр-аягы жергиликтүү бюджеттеги каражаттын, тартылган каражаттын жана жамааттын өзүнүн катышуусунун эсебинен жамааттын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Өз кезегинде АДК процесстин демилгечиси болду жана калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы көпүрө катары роль ойноду. Эң негизгиси, калк бардык этаптарга катышты. Жамаат муктаждыктарын аныктоого катышуу менен, калк процесстин жигердүү катышуучусу да болуп калды. Калк өзү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүү жолдорун иштеп чыгууга катышты.

Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча АДК пилоттук айылдардагы калктын арасында жүргүзгөн иштерди колдоо деңгээли бир кыйла жогору болду. Айталы, АДК ишине канааттануу 2015-жылга салыштырмалуу 9% өстү. 2015-жылы долбоордун алкагында АДК активдүүлүгү өтө жогору болгонун эсепке алганда, бул өтө жакшы жыйынтык. Бул болсо пилоттук АДК өз активдүүлүгүнүн деңгээлин пилоттук айылдарда долбоордун активдүү интервенциясы учурундагыдай деңгээлде сактап калгандан да тышкары, ишинин ыргагын жана көлөмүн көбөйткөнүн тастыктап турат. Бул болсо жарандардын канааттануу деңгээлинде чагылдырылды.

Ошондой эле 2015-жылга салыштырмалуу ЖМБА-иш-чараларына катышуу тууралуу суроого оң жооп кайтаргандардын саны 4,5% өстү. Калктын аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрү тууралуу маалымдуулугу 2015-жылдагыдай жогорку деңгээлде кала берүүдө – 83%.

ЖМБА алкагында аныкталган жергиликтүү маанидеги маселелер толук чечилдиби деген суроого карата олуттуу өсүш байкалды – 17% жакын болду (2015-жылдагы 34 пайыздан 2017-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча 51% чейин). Эгерде 2015-жылы сурамжылоого катышкандардын 55% көйгөйлөр жарым-жартылай гана чечилгенин же чечилип жатканын айтса, 2017-жылы 43% гана көйгөйлөр чечилип жатканын айткан. Башкача айтканда, көйгөйлөр аягына чейин чечилбей калганын айткан бенефициарлардын саны 12% кыскарды. Бул болсо жашоочулар көйгөйлөр чечилип жатканынан кабардар дегенди билдирет. Көрсөткүчтөгү өсүш ЖӨБ органдары акыркы эки жыл ичинде кабыл алынган Биргелешкен аракеттер планын карманып, бул үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп жатканын ырастайт.

2015-жылы ЖМБАнын алкагында аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн статусу жөнүндө маалыматтарды чогултуунун натыйжасында алынган долбоордун маалыматтары да ушуну тастыктап турат. Учурда чечилген көйгөйлөрдүн саны 87% түзөт. Алардын ичинен 7% чечүү процессинде, ал эми 6% ушул күнгө чейин чечилген эмес. Бир жыл мур-



***5-таблица. ЖӨБОнун (айыл өкмөтү/ жергиликтүү кеңеш) жарандар менен өз ара аракеттенүүсү сизди канчалык канааттандырат?***

| Жооптордун варианттары | 2015 | 2017 |
|---|---|---|
| Толугу менен канааттандырат | 34,9% | 43,0% |
| Жарым-жартылай канааттандырат | 47,7% | 46% |
| Канааттандырбайт | 11,7% | 6,7% |
| Жооп бере албайм | 4,8% | 4,5% |
| Жооп жок | 0,9% | |
| Жалпы жыйынтык | 100,0% | 100,0% |

да чечилген иштердин саны 64% түзгөн. Башкача айтканда, бул көрсөткүч боюнча өсүш 23% түзгөн. Саламаттык детерминанттары жаатындагы жамааттын көйгөйлөрүн чечүү үчүн 2015-жылы жергиликтүү бюджеттен 24 874 097 сом же 360 500 АКШ долларына жакын акча багытталган.

Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүгө башка булактардан 16 700 827 же 242 000 АКШ доллары багытталган. Негизинен бул донордук уюмдардан алынган каражаттар болгон. Тыштан каржылоо тартууда пилоттук АДКлар да маанилүү ролду ойношот. Айрым бир учурларда аларга өтүнмөнүн үстүнөн иштөө тапшырмасы берилет. Себеби аларда “АДК үнү” Долбоорунда иштөөнүн алкагында алынган тажрыйба бар.

Ошондой эле АДКдан жергиликтүү бюджет тууралуу маалымат алганын ырастаган бенефициарлардын саны да 14% өскөнүн белгилей кетүү зарыл. Сурамжылоого катышкандардын 52% жакыны жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты АДК аркылуу алганын билдиришкен. 2015-жылы бул көрсөткүч болгону 38% түзгөн. 2015-жылдагы жана 2017-жылдагы сурамжылоолорду салыштыра келгенде АДК активдүүлүгү жогорку деңгээлде кала бергенин көрүүгө болот – 77%. АДК иши айылдын жашоосуна оң таасирин тийгизип жатат деген пикир кеңири жайылган – 81% түзөт. Калк арасында АДК жана анын ишмердүүлүгүн колдоо деңгээли жогору болгону кубандырат. Айталы, сурамжылоого катышкандардын 74% АДК өткөргөн иш-чараларга катышарын тастыкташкан. АДК иши канчалык маанилүү болгонун тастыктаган көрсөткүчтүн деңгээли да жогору. Анын өсүшү 2015-жылдан бери 3% гана түзгөн, бирок ошол эле маалда калктын 66% жакыны же үчтөн экиси АДК иши алардын айылы үчүн маанилүү деп эсептейт. Ал эми бул болсо айыл деңгээлинде иш алып барган чакан жамааттык уюм үчүн абдан жакшы көрсөткүч болуп эсептелет.

Жамааттардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата мамилесинде өзгөрүүлөр болду. Айталы, ЖӨБ органдары ачык жана айкын болуп калды деп эсептеген респонденттердин сан 10% өстү. Ошону менен бирге бул суроого жооп бере албагандардын саны кыскарды – 2015-жылы 9% болсо, 2017-жылы 3% түзгөн. Бул болсо адамдар ЖӨБдүн жарандар алдындагы жоопкерчилигин жакшыраак билип калганынан жана анын жабык же ачык болгонун баалай алаарынан кабар берип турат. Ал эми долбоордун башында адамдар ЖӨБдүн ачыктык жана айкындуулук деңгээлин көп жакшы баамдай албай жаткан.

Сурамжылоого катышкандардын жарымынан бир аз азыраагы (43% жакыны) ЖӨБ менен АДКнын өз ара аракеттенүү деңгээли аларды толугу менен канааттандырарын айтса, 46% жарым-жартылай канааттандырат деп айтышкан. АДК менен ЖӨБдүн өз ара аракеттенүүсү аларды канааттандырбайт дегендердин саны 5% кыскарган.

АДК менен ЖӨБдүн кызматташтык деңгээли жогору бойдон кала берүүдө – баалоонун 5 баллдык шкаласы боюнча 4,2 балл деңгээлинде турат. 2015-жылга салыштырмалуу өзгөрүүлөрдүн жоктугу долбоордун жыйынтыктарынын туруктуулугунан кабар берет. Анткени 2015-жылдан тартып долбоор пилоттук АДКларга активдүү жардам бергенден ийгиликтүү тажрыйбага байкоо салып, аны жайылтууга өттү. Долбоордун башынан тартып көрсөткүчтүн өсүшү баалоонун беш баллдык шкаласы боюнча 0,6 баллды түздү (2014-жылы 3,6 балл болсо, 2017-жылы 4,2 баллды түздү).

Жергиликтүү жамааттар умтулган жана жалпысынан мамлекетке пайдалуу нерсе болду: жамааттар өзүн өзү жөнгө сала баштады. Жамааттарга өз укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аркылуу ишке ашырууга чоң ыйгарым укуктарды берген Кыргыз Республикасынын Конституциясы жол ачкан даражада эмес. Бирок жол туура багытта тандалып алынды. Албетте буга чейин жасалган иш-аракеттер жакшы жагына кескин өзгөрүүлөрдү жасоо үчүн дагы жетишсиз жана жетишилген жыйынтыкты жайлатып же атүгүл жокко чыгарышы ыктымал көптөгөн көйгөйлөр бар. Бирок АДК аркылуу жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы өз ара мамилелерди түзгөн бул жол – иштиктүү жана натыйжалуу жол. Ал калктын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата пикирин, эң негизгиси мамилесин өзгөртүп, ишенимин арттыра турган жол.

Бул жерде эң негизги принцип – бийлик менен элдин ачык диалогу. Мында эл өз күтүүлөрү тууралуу айтса, бийлик ким үчүн иштеп жатканын билет. АДКнын ордунда башка уюмдар жана атүгүл кандайдыр бир конкреттүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн жамааттар түзгөн жөн гана демилгелүү топтор болушу мүмкүн. Бул маанилүү эмес. Маанилүүсү – жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу механизми иштеп жатат жана натыйжалуу жыйынтык берүүдө.

***6-таблица. Айылдык ден соолук комитетинин ЖӨБ органдары менен кызматташуу деңгээлин баалоо.***

| Жооптордун варианттары | 2014-жыл | 2015-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|---|
| Айылдык ден соолук комитетинин ЖӨБ органдары менен кызматташуу деңгээли | 3,6 | 4,2 | 4,2 |



# Таштанды маселеси аутсорсинг менен чечилүүдө

Эгерде аймактын чегинде таштанды чыгаруу жана жок кылууга байланышкан маселе бар болсо, анда ал сөзсүз түрдө жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүнүн тизмесине кирет. Айылдын аймагында тушкелди жаткан таштанды жайлары бардык жашоочуларга тоскоол болуп келет. Анткени жугуштуу оорулардын булагына айланып, жолбун иттерди тартат. Ал эми бул дагы адам үчүн коркунучтун булагына айланышы мүмкүн. Дарыялардын жана көлмөлөрдүн жээгиндеги таштандылар жакын аралыкта жайгашкан айылдарга гана эмес, жалпы районго, атүгүл облуска да коркунуч жаратат. Көпчүлүк элет тургундары таза сууга жеткиликтүүлүктүн жоктугунан улам дарыянын суусун колдонууга мажбур болушат. Бул болсо көп жылдардан бери чоң көйгөйгө айланып келүүдө.

Таштанды жыйноо, чыгарып кетүү жана жок кылуу – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алектенчү иш. Анткени жергиликтүү маанидеги маселелерге кирет. Бирок бул көйгөй чечилбей келет. ЖӨБО муну оор техниканын жоктугу менен түшүндүрөт. Адатта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары экскаваторлорду, жүк ташуучу машинелерди жана башка оор, кымбат баалуу техниканы сатып алууга миллиондогон сомду сурашат. Алардын айтымында, бул техника болмоюнча таштанды чыгаруу да, маселени чечүү да мүмкүн эмес. Эгерде муну жалпы өлкөнүн масштабынан карай турган болсок, анда таштанды көйгөйүн чечүү үчүн миллиарддаган акча каражаты талап кылынат.

Бирок оор техниканы сатып албастан жана жалпы муниципалдык ишкананын ишин уюштурбастан көйгөйдү чечүү жолдорун табуу ушунчалык эле оорбу? Анткени көпчүлүк элеттик муниципалитеттер муниципалдык кызматчылардын маянасына жана коммуналдык чыгымдарга кеткен негизги чыгашаларды дайыма эле жаба беришпейт эмеспи. Мындай учурда эмне кылыш керек? Бул маселени чечүү механизмдери барбы?

Бар деп ишенимдүү айтсак болот жана атүгүл “АДК үнү” долбоорунун Талас облусундагы эки пилоттук муниципалитети – Ак-Коргон айылындагы Өмүралиев айылдык аймагы жана Ынтымак айылындагы Шадыкан айылдык аймагы жете алган жыйынтыкты мисал катары көрсөтө алабыз. Ак-Коргон жана Ынтымак айылдарындагы жамааттардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн аныктоого багытталган иш-чаралардын циклин аткару-

унун алкагында таштанды чыгаруу, тагыраак айтканда мындай кызмат көрсөтүүнүн жоктугу өңдүү маселе көтөрүлдү. Жашоочулардын нааразылыгына айыл өкмөтүнүн өкүлдөрү жооп беришти жана кырдаалды түшүндүрүп берүүгө аракет жасашты. Жеринде маселе кызуу талкууга алынып, эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу чыгашалардын ордун толуктап берсе, жашоочулар, чиркөөчү бар тракторлордун ээлери таштанды чыгарууга жардам берүү демилгеси менен чыгышты. Айыл өкмөтү бул демилгени колдоп, Ак-Коргон жана Ынтымак айылдарында таштанды чыгаруу көйгөйүн Кыргызстандын элет жергелери үчүн азырынча жаңы түшүнүк болгон аутсорсингдин жардамы менен чечүү мүмкүн болду.

Келгиле, Кыргызстандын алкагында аутсорсингге көз жүгүртүп көрөлү. Аутсорсинг – бул жалпак тил менен айтканда, өндүрүштүк же бизнес процесстердин бир бөлүгүн экинчи тарапка өткөрүп берүү процесси, ал эки жак үчүн тең пайда алып келет. Негизги иш-милдеттерине кирбеген, бирок жамаат үчүн маанилүү болуп эсептелген процесстерди өткөрүп берүү менен, ЖӨБО маселени чечүүгө да, аймактын жалпы өнүгүүсүнө көмөктөшүүгө да жөндөмдүү болот. Аутсорсингди Кыргызстандын шарттарында колдонсо болот жана Бишкек шаарынын тажрыйбасы муну тастыктап турат.



Айылдын деңгээлинде айыл өкмөтү оор жана кымбат баалуу техниканы сатып алуу жана тейлөө, муниципалдык ишкананын ишин уюштуруу жана күтүү боюнча милдеттенмелерди өзүнө албастан эле таштанды чыгаруу көйгөйүн чече алат. Жергиликтүү ресурстарды, биз карап жаткан маселеде жеке сектордун техникалык потенциалын колдонуу менен кыска мөөнөттүү негизде жана конкреттүү тапшырмаларды аткаруу үчүн жеке ишкерлерди тартса болот. Аутсорсинг учурунда ЖӨБО жасалган иш үчүн гана сыйакы төлөйт. Ал эми муниципалдык ишкана болгондо техниканы күтүүгө гана эмес, ошондой эле айдоочунун жана административдик персоналдын маянасын, ошондой эле имаратты күтүүгө жана коммуналдык чыгымдарга кеткен чыгашаларды да төлөшү керек болот. Бул жерде ЖӨБОнун өзү үчүн гана эмес, жеке сектор үчүн да экономикалык пайда бар. Суроо-талап болбогонуна байланыштуу техникага керектөө төмөн болгон учурда жеке сектор үчүн мындай байланыштар жашап кетүүгө жардам берет.

Чакан айылдык аймактар үчүн аутсорсингдин экономикалык максатка ылайыктуулугу өзөктүк мааниге ээ. Айыл өкмөтүнүн техникалык жана адамдык потенциалы чектелүү болгондуктан ЖӨБО жергиликтүү көйгөйлөрдү толук кандуу чече албагандыктан аутсорсинг принцибин ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнө да кеңейте алса болоору маанилүү. Аутсорсингдин жардамы менен ЖӨБО өз мүмкүнчүлүктөрүн кеңейте алат, бул болсо натыйжада аймактын жана жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүнө алып келет.

Аутсорсингдин бир гана көйгөйү – ЖӨБО жамаат жана жеке сектор менен мамиле түзүшү керек. Көпчүлүк ЖӨБ органдары өзүн жергиликтүү жамааттан обочодо кармоого аракет жасашат. Мындай учурда аутсорсинг иштеп кете албайт.



# Кочкор айылдык аймагынын Исакеев айылындагы АДК: кызматташуу жакшы келечекке ишенимди арттырат

Кочкор ААнын Исакеев айылы Нарын облусунун түндүк-чыгышындагы Кочкор районунун кооз өрөөнүндө жайгашкан. Айылда 2500гө жакын адам жашайт. Алардын басымдуу бөлүгү – бул эмгекке жарамдуу жаштар. Алар негизинен айыл чарбасы жана мал багуу менен алектенишет.

Исакеев айылынын Айылдык ден соолук комитети (АДК) 2014-жылы "АДК үнү" Долбоорунун өнөктөшү болуп калган. Долбоордун алкагында Исакеев айылынын АДК мүчөлөрү жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча иш-чаралардан баштап калк менен чоң иштерди жасашты. ЖМБАнын жыйынтыгында өзгөчө артыкчылыктуу көйгөйлөр аныкталды – айылдын туш тарабында жаткан таштандылар, көчөлөрдө жарыктын жоктугу, клубдун жылытылбаганы, ошондой эле айылдын аймагын жашылдандыруу көйгөйү. Бул көйгөйлөрдү дээрлик бардык курактагы категориялар белгилешкен. 2015-жылы ЖМБАнын жыйынтыктары ЖӨБ органдарынын кароосуна жиберилген. Андан соң АДК ЖӨБ органдары менен биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгып, алдыга коюлган тапшырмаларды чечүү жолдорун издей башташкан.

Республикалык Токой чарбасын коргоо фондунан алынган 2 млн. сом көлөмүндөгү гранттык каражат таштанды көйгөйүн чечүүгө бел байлап киришүүгө жол ачты. Жетпей жаткан сумманы жергиликтүү бюджеттен кошуу менен, ЖӨБ органдары 4 млн. 400 миң сомго таштанды чыгаруучу машине сатып алышты. Эми таштанды үзгүлтүксүз чыгарылып турат.

Таштанды – бул ЖӨБ органдары айылдын өнүгүүсү үчүн АДК жана жергиликтүү жамаат менен биргеликте аткарган иш-чаралардын бир гана бөлүгү. Мисалы, көчөлөрдү жарыктандыруу, көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана клубдун аймагын тосмолоо, ошондой эле клубдун ремонту жана жылытуучу системаны орнотуу маселеси да кошо чечилди. Клуб – бул жашоочулар маданий кечелерди өткөрүп, ЖӨБ уюштурган иш-чараларга катыша ала турган айылдагы жападан жалгыз жер. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттен да, сырттан тартылган каражаттардан да жарым миллион сомго жакын акча сарпталды.

2017-жылы АДК мүчөлөрү жана айылдын башка тургундары "АДК үнү" Долбоорунун чоң жардамы менен өз көйгөйлөрүн туура туюндурганды, ресур-





эсебинен жарандардын маалымдуулугу, алардын жоопкерчилиги жана ЖӨБго катышуу деңгээли өсүп жатат. Бул программа жалпы аймактагы жергиликтүү жамааттын саламаттыгынын социалдык-экономикалык детерминанттары менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүдө ЖӨБ органдары менен жамааттын аракеттерин бириктирет.

старын реалдуу баалап, туура колдонгонду, ошондой эле айыл өкмөтү менен натыйжалуу кызматташканды үйрөнүштү. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери өз кезегинде долбоордун тренингдерине жана иш-чараларына катышып, калк менен байланышуу көндүмдөрүн өздөштүрүштү.

Исакеев айылындагы АДКнын жардамы менен калк ЖӨБ органдарынын иши, жумушчу планы жана аткарылган иш-чаралар, долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү жана дагы бир топ нерселер тууралуу көбүрөөк маалыматка ээ болуп калышты. Бюджет боюнча маалымат өнөктүгүнүн, "Менин аймагым – саламаттыктагы аймак" программасын даярдап, ишке ашыруу боюнча биргелешкен процесстин



Эми Исакеев айылындагы АДК долбоордун алкагында алган пайдалуу тажрыйбаны жана көндүмдөрдү Кочкор айылдык аймагынын башка айылдары гана эмес, райондогу кошуна аймактар да натыйжалуу колдонуп келишет.

Сонун ЖОЛДОШЕВА, Кочкор ААнын Исакеев айылынын жашоочусу: "Бир нече жыл мурда биздин айылдын дээрлик ар бир тургуну АӨ дарегине доомат артып келген. Жашоочулар аларды ишиндеги кемчиликтер, айылдын көйгөйлөрүн чечүүдө жетиштүү күч жумшабаганы үчүн айыпташчу. Аны менен катар айыл өкмөтүнөн жардам алган күндө да жашоочулар баары бир алардын ишине нааразы болушчу. Себеби адамдар кандай иштер жасалып жатканы, кандай маселелер пайда болуп, алар кантип чечилип жатканы тууралуу аз билишчү. Эми болсо кырдаал өзгөрдү. Мында Исакеев АДК төрайымы Жумагүл КУРМАНБАЕВАнын салымы чоң. Анткени ал жана анын командасы калкка зарыл жана туура маалыматтарды жеткирип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен калк ортосундагы ишти туура уюштура алышты. "АДК үнү" Долбоорунан үйрөнгөн иш усулунун жардамы менен айыл тургундарында жергиликтүү бийликке болгон ишеним өстү, жакшы келечекке ишеним жаралды".

# Он бир-Жылга айылдык аймагынын Маданият айылындагы АДК: АДК үнүнө баары кулак төшөйт

Он бир-Жылга айылдык аймагында акыркы жылдары өткөрүлүп жаткан иш-чаралар жергиликтүү жашоочуларды айылдын өнүгүүсүнө тартып, аларда жергиликтүү кабарларга кызыгуусун жаратып, кайдыгер карабоого жана жашоо шарттарына таасирин тийгизген чечимдерди кабыл алууга мүмкүн болушунча көбүрөөк катышууга түрттү.

Иличбек СЫДЫКОВ башында турган АӨ жана Салтанат АЛИЕВАнын жетекчилиги алдындагы Маданият айылындагы АДКнын биргелешкен бир





калыптагы иши мындай өзгөрүүлөрдүн себепчиси болду. Бул экөө тең сабаттуу, жоопкерчиликтүү жана чечкиндүү лидерлер катары белгилүү.

2014-жылы "АДК үнү" Долбоору менен кызматташуу башталганда эле өзгөрүүлөр байкалды. Бул долбоордун алкагында айылда жамаат муктаждыктарын аныктоодон баштап, Биргелешкен аракеттер планын жана "Менин аймагым – саламаттыктагы аймак" социалдык-экномикалык өнүгүү программасын иштеп чыгууга чейин көптөгөн иш-чаралар өттү.

Негизги жетишкендик АДК менен ЖӨБ ортосундагы өнөктөштүктү күчөтүү болду. Бул үчүн жергиликтүү маанидеги маселелер жана ЖӨБОнун ыйгарым укуктары тууралуу жашоочуларга маалымат берип, жергиликтүү калк менен бир топ иштерди жасаш керек эле. Маалымат алмашууну жакшыртууга болгон керектөө буга чейин жашоочулар жергиликтүү өз алдынча башаруу органдарына ишенбегени менен шартталды. Маалыматты ачуу, жамаат үчүн маанилүү документтердин үстүнөн биргелешип иштөө – көйгөйлөрдү сүрөттөп, биргелешкен аракеттер планын түзүү – кырдаалды оң жагына өзгөртүүгө, жамаат менен бийлик органдары ортосундагы мамилелерди жакшыртууга жардам берди. Ошондой эле айылдагы көчөлөрдү жарыктандыруу жана ички жолдорду оңдоо өңдүү маанилүү көйгөйлөрдүн бир бөлүгүн чечүүгө жардамчы болду.

Белгилей кетүүчү жагдай, Маданият айылындагы АДК мүчөлөрү өз күчтөрүн сынап, мурдагыдан да сабаттуу болуп, бийлик органдары менен мамиле түзүүдө өз эркин көрсөтө башташты. "АДК үнү" Долбоору башталганга чейин айылда АДКны таанып, алардын мүчөлөрүнө кулак төшөгөндөр аз болчу. Эми болсо ЖӨБ органдары күн сайын Маданият айылындагы көйгөйлүү маселелерди АДК менен талкуулап турат. Салтанат АЛИЕВА, Маданият айылындагы АДКнын төрайымы: "Долбоордо иштеп биз көп нерсени үйрөндүк: калк жана ЖӨБ органдары менен туура иш алып барууну; жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессин, жергиликтүү бюджеттин түзүмүн өздөштүрдүк, ошондой эле аймактын өнүгүүсүнүн стратегиялык программаларынын үстүнөн иш алып баруудабыз. Буга чейин бизди укчандар аз болчу, анткени башкаруу органдары менен толук кандуу кызматташуу үчүн көп жакшы даяр эмес деп эсептешчү. Долбоор чындыгында эле биздин аймактын өнүгүүсүнө жол ачып берди. АӨ башчысы эми бизди ар тараптан колдоп, түрдүү тапшырмаларды аткарууга тартып жатканына абдан кубанычтабыз".

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Ар бир долбоордун ийгиликтүү ишинин жана жетишилген жыйынтыктардын артында дайыма бир команданын – долбоордун бенефициарларынын жашоосун жакшыртуу максатында бириккен адамдардын чоң эмгеги жатат. "АДК үнү" Долбоорунун ийгилиги көп учурда дал ушул аз сандагы адамдардын командалык ишине байланыштуу болду. Долбоор өлкөнүн жети аймагындагы 25 айылды камтыган кеңири географиясынан улам, анын көп сандагы түрдүү катышуучулары менен өз ара аракеттенүү зарылчылыгына байланыштуу да долбоорду ишке ашыруу татаал болду. Долбоор айылдык ден соолук комитеттери, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, жергиликтүү активисттер жана карапайым элет тургундары менен иш алып барды. Мындай кеңири чөйрөдө багытты жоготуп албоо үчүн өтө көп күч жумшалды. Долбоордун башында АДК жана ЖӨБО тараптан түшүнбөстүктөр болду. Бирок АДК менен ЖӨБО орток тил табуу жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында, долбоордун адистеринин ар бир тараптын тилин таап, өз ара диалог түзө билүү жөндөмүнөн

улам татыктуу жыйынтыктарга жетүү мүмкүн болду. Долбоордун командасы ар бир этапты баштаар алдында колдогу аспаптарды жаңы чөйрөдө кантип колдонсо болоорун үйрөнүп, адаптация процесстеринен өтүп турушту. Долбоордун адистеринин чыныгы өзгөрүүлөргө жетүү каалоосу, тырышчаактыгы, алдыга койгон максатка умтулуусу процесстин ийгилигин камсыздады. Жамаат ичиндеги командалык иш дагы маанилүү көрсөткүчтөрдүн бири болуп эсептелет. Мында команданын ар бир мүчөсү тапшырманын бир бөлүгүн аткаруу үчүн өзүнө жоопкерчилик алат. Бул болсо акыр аягында жалпы бир көрүнүштү пайда кылат.

Жамааттар менен иштешүү боюнча адистер Жылдыз КЕРИМОВА жана Кулубек ТУРГАНБАЕВ, ошондой эле "Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери" Ассоциациясынын адистери долбоордун ишин аткаруу боюнча негизги жүктү көтөрүшкөнүн белгилей кетүү зарыл. Алар айлап иш сапарларында жүрүп, долбоордун жыйынтыктарына жетүү үчүн болгон убактысын жана күчүн жумшашты. Алар Айылдык ден соолук комитеттеринин да, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин да тилин таап, алардын башын бириктирип, диалог түзүүгө жардам беришти. Буга тренингдердин сериялары көмөкчү болду. Бул тренингдерде адистер тренерлердин ролун аткарышып, ошол эле маалда өздөрү да процесс учурунда көп нерсени үйрөнүштү.

"АДК үнү" долбоорунда иштегенге чейин Жылдыз КЕРИМОВА түрдүү долбоорлордо иштөө тажрыйбасына ээ болуп калган жана жаңы долбоордогу ишке билек түрө киришти. Жылдыз долбоордун кеңири географиясынан корккон жок. Ал тренингди өткөрүш үчүн жүздөгөн километрди кабагым-кашым дебей өтүп, бир күндө Таластан Жалал-Абадга жетип, ошол эле күнү кечинде Баткен облусуна жол тартып кетчү. Бешенеси жарык жана ачык мүнөз Жылдыз пилоттук Айылдык ден соолук комитеттеринин өкүлдөрүнүн тилин тез эле тапты. Көп өтпөй Жылдызды аймактарда жакын адамындай эле тосуп ала башташты. Жылдыздын дал ушундай ачыктыгынан улам АДКнын долбоорго ишеними жогорку деңгээлде болду.

Кулубек ТУРГАНБАЕВ долбоордо иштегенге чейин эле аймактарда тренингдерди өткөрүү тажрыйбасына ээ болгон. Бирок жамааттар менен иштөө тажрыйбасы бир аз жетишпей турган эле. Ошентсе да бул жагдай ага долбоордун ишине жигердүү аралашып, өзүнүн кесипкөй көндүмдөрүн кеңейтүүгө тоскоол болгон жок. Кулубек бизге таланттуу тренер катары таанылды. Ал угуучуларга жөн гана окуу материалдарын жеткирип бербестен, ошол эле маалда аларда жумушчу маанайды пайда кылып, шыктандырууга да жөндөмдүү болду. Кулубектин көптү билүүгө умтулуусунун натыйжасында ал долбоордун алкактары менен белгилеген компетенциясынын чегинен чыга алды. Кулубек жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдар менен таанышып чыгып, пилоттук айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине кеп-кеңеш берип, долбоордун алдындагы өз милдеттенмелери менен гана чектелип калган жок. Мунун натыйжасында ал пилоттук айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин ишенимине жана урматына ээ болду.

Долбоордун менеджери Айнура ЖУНУШАЛИЕВА бекем таяныч болуп берди. Ал жумуштарды пландоо, уюштуруу жана аткаруу, сатып алуулар жана отчеттуулук үчүн болгон жоопкерчиликти өзүнө алып, Дүйнөлүк банктын долбоорун башкаруу боюнча татаал жол-жоболорду өздөштүрүп кетти.

**Өнүктүрүү саясат институту "АДК үнү" Долбоорунун чакан, бирок өтө натыйжалуу командасына мыкты иши үчүн ыраазычылыгын билдирет.**



